**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**ФИЛОСОФИЯ ЖАНА САЯСИЙ – УКУКТУК ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ**

**Б. ЕЛЬЦИН атындагы КЫРГЫЗ–РОССИЯЛЫК СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д. 09.14.003**

*Кол жазма укугунда*
*УДК: 1(091) (575.2) (043.3)*

**ИСАКОВ КУБАНЫЧБЕК АБДЫКАДЫРОВИЧ**

# ЧЫГЫШ ПЕРИПАТЕТИЗМ ЭСТЕТИКАСЫ ЖАНА АНЫН ТАРЫХЫЙ – ФИЛОСОФИЯЛЫК МАҢЫЗЫ

Адистиги: 09. 00. 03 – философиянын тарыхы

**Философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

Бишкек – 2015

**Диссертация Ош мамлекеттик университетинин философия жана политология кафедрасында аткарылды**

**Илимий консультанты:** философия илимдеринин доктору, профессор
**Бекбоев Аскарбек Абдыкадырович**

**Расмий оппоненттер:** КР УИАсынын корреспондент-мүчөсү,
философия илимдеринин доктору, профессор
**Мукасов Ысманалы Мукасович**

философия илимдеринин доктору, профессор
**Саралаев Нур Керимкулович**

философия илимдеринин доктору
**Сыдыков Жолдош Сыдыкович**

**Жетектөөчү мекеме:** К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин философия кафедрасы
(720044, Бишкек ш., Тынчтык пр., 27)

Диссертациялык иш 2016-жылдын 15-январында саат 12:00дө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институту менен Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Россиялык славян университетинин алдындагы философия илимдеринин доктору (кандидаты) жана культурология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.09.14.003 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. (Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а).

Диссертация менен КР УИАсынын Борбордук илимий китепканасынан таанышууга болот. (Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а БИК).

Автореферат 2015-жылдын 15-декабрында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, философия илимдеринин доктору** **Стамова Р. Д.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Учурдун катаал логикасына ылайык мезгил менен мейкиндиктин өтмө катар, кыйма-чийме жалгашы сапаттуу жаңы нукка багыт алып, кырдаал өзгөрүлгөндө ансыз да татаал адамзаттын акыл-эси, анын түптүү-тектүү маңызы башка шартка шайкеш келбей инсандын биопсихосоциалдык табиятын, каалоо-мүдөсүн түп-тамырынан бери өзгөртүүдө. Мындай кырдаалдан буюкпай туура чыгуунун сыналган жолу өткөндү акыл-эс таразасынан өткөрүп, келечектин пайдубалын максаттуу түптөө болуп эсептелет. Мындай өтө жооптуу, тогуз жолдун тоомундай мезгил бүктөмүндө биз адатта баалуу мурастарга, рухий дөөлөттөргө, бийик ойлом-туюмга эгедер инсандар жараткан тарыхый-философиялык же көркөм-эстетикалык эмгектерге таянабыз.

Жалпы инсаниятка тиешелүү “акыл-эстин мыйзамы” деп аталган рухий концептуалдык алкагы кенен масштабдуу жобо бар. Аталган жалпыланган мыйзам мүнөзүндөгү жобонун күрөө тамыры - “жүрөктүн”, “сулуулуктун”, “коодуктун”, “билимдин” жана “сүйүүнүн” тили (белгиси) болуп саналат. Чындык, Сүйүү жана Сулуулук коштоп жүргөндүктөн дүйнө татаал турмуш сыноосуна туруштук берип, жамандыкка (зло) аңтарылып кетпей сакталып турат.

Руханий жардылыктан арылуунун азыгы - эстетикалык маданият, анын прагматикалык чындыгы – эстетикалык табият. «Эстетика» - интегративдүү түшүнүк, анын мазмундук формасын, онтологиялык негизин ар кайсы элде, ар кандай жерде, жаратылышта, космосто, адамда, ааламда, искусстводо ж.б. жерлерде учуратууга болот.

Чындыкты эстетикалык кабылдоону (субъекттик эстетикалык аныктыкты) өз ара органикалык байланышка ээ болгон эки компонент аныктап турары белгилүү: реалдуу дүйнөнү эстетикалык баалоодогу субъект жана позитивдүү эстетикалык рахат тартуулаган же карамандай каршы негативдүү жагдайды пайда кылган объект. Мындан “Адам-Дүйнө” диалектикалык байланышынын мыйзам ченемдүү биримдиги байкалат.

Мазмундук кудуретке ээ болгон “тактык, сулуулук жана жакшылык” өңдүү категориялык үчилтик адамзаттын оптимисттик маанайдагы жашоосун аныктап турары - факт. Бирок учурда жогоруда аталган үчилтик (триада) ажырымга кириптер болуп, тактык илимге өтүп, сулуулук искусстводо чагылдырылып, ал эми жакшылык болсо вакуумда калгандай сыяктанат.

Демек, мындай кырдаал туруктуу мүнөзгө ээ боло элек калпыс учурда чыгыш перипатетизминин (Аристотелдин окуусуна негизделген орто кылымдардагы Чыгыш ойчулдарынын концепциялары) эстетикалык дөөлөттөрүнө кайрылып, орто кылымдардагы даанышман-ойчулдардын эмгектеринен жалпы адамзаттык баалуулуктар (парадигмалар): адамзат

рухундагы айкөлдүк, адилдик, асылдык, сулуулук, адамгерчилик, чындык, сүйүү өңдүү өз баасын жана маанисин жоготпогон субстанция-императивдерди иликтөө аркылуу эстетикалык илимий парадигмалардын (түшүнүк, категориялар ж.б.) логикалык табиятына назар салуу учур талабы.

Ушунан улам азыркы коомдук турмушубуздун кескин өзгөрүшү менен шартталган «эски» менен «жаңы» парадигмалардын тогошу чыгыш перипатетикалык эстетиканын концептуалдык булактарындагы теориялык жана практикалык ыкмаларына кайрылуунун зарылдыгы биздин илимий изилдөөбүздүн актуалдуулугу болуп саналат.

Жогоруда белгиленген аксиома таризиндеги негиздемелерге таянып, биз жалпысынан Чыгыш перипатетизминин маданий-эстетикалык концептеринин жобо-сентенцияларын камтыган орто кылымдардагы улуу ойчулдардын (Аль-Фараби, Ибн Сина, Жусуп Баласагын ж.б.) чыгармаларын теманын алкагынан талдоого алып, алардын көп кырлуу бай маңыз-мазмундарында камтылган «сулуулук», «сонундук», «коздук», «баалуулук», «тазалык», «асылдык» сыяктуу түшүнүктөрдүн концептуалдык маанисине токтолдук. Аталган ойчулдардын адамдын өзүнө, келечек урпактарга, жаратылышка байланыштуу, нукура эстетикалык-гуманисттик идеяларын, орто кылымдарга мүнөздүү эстетикалык түшүнүктөр аркылуу, тарыхый-логикалык, абстракттуулук-конкреттүүлүк жана анализ-синтез ыкмаларынын негизинде таасындадык.

**Проблеманын изилденүү деңгээли.** Чыгыш перипатетизмин жана анын өзгөчө баалуу тарыхый-философиялык парадигмаларын: онтологиялык, гносеологиялык, этика-эстетикалык ж.б.у.с. окууларын иликтеп, окуп-үйрөнүү алардын жаңыланган антикалык мазмунуна ылайык дүйнөлүк ойчул-окумуштууларды кызыктырып келгендиги тегин эмес. Айрыкча «Экинчи мугалимдин» (Аль-Фарабинин) пикирине негизделген “фалсафа” орто кылымдарда, андан кийин ар тараптан иликтөөгө алынып, өздөштүрүлүп, пайдаланылып, өнүктүрүлүп келген. Классикалык жана Чыгыш перипатетизминин батыш-чыгыш парадигмалары аркылуу синтезделген илимий доктриналар өзгөргөн жыңы доордун акыл-ой туюнтмаларына айланган. Натыйжада чыгыш таануу жана ислам таануу адабияттарында ар кандай маани-мазмундагы илимий эмгектер, изилдөөлөр жарык көргөн.

Диссертациялык изилдөөнүн объектиси болгон бирок, толук аңдала элек проблеманын ар кыл жагдайларын талдоого алган илимий-теориялык эмгектерди жалпысынан үч топко бөлүүгө болот.

Биринчи топ, европалык жана орус окумуштуулары: В.В. Бартольд, В.В. Радлов, Е.Э. Бертельс, Альфред фон Крамер, Ф. Толука, Р. Дози, А.Е. Крымский, М.Т. Степанянц, А.А. Игнатенко, А.В. Смирнова, С.Н.

Григорян, А. Мец, Г. Вамбери, И.П. Петрушовский, К. Казанский, П.Позднева, Е.А. Беляева, А. Массэ, В.А. Жуковский, И. Гольдциэра, А.Н. Кононов, Д.М. Насилов, М.М. Бахтин, И.В. Стебелева, Б.В. Ваймерн, А.М. Богоутдинов, И.В. Боролина ж.б. чыгыш перипатетиктеринин тарыхый-философиялык мурастарын классикалык перипатетизмге салыштырып алардын логико-гносеологиялык өзгөчөлүктөрүн талдаган. “Коментаторлук” илимий изилдөөнүн ыкмасы экендигин таасындаган.

Экинчи топ, Борборазия элдеринин окумуштуу-илимпоздору: И.М. Гафуров, М.М. Хайруллаев, И.М. Муминов, Б.Г. Гафуров, А.Х. Касымжанов, М.Д. Диноршоев, М.С. Бурабаев, М.С. Булатов, С.Н. Акатаев, А.Л. Казибердов, Н.С. Кирабаев, Г.К. Курмангалиева, О. Матякубов, К.Ш. Нурланова, Н. Жолмухамедова, А.В. Сагадеев, Д.М. Мажиденова, Н. Калимбетов, Б. Кенжебаев, Б. Исматов, Н.Л. Сейтахметова, Р.Т. Шодиев, А. Курбанмамадов, Ю. Джумабаев, М. Болтаев, С.А. Муталибов ж.б. фалсафа жана эстетикалык түшүнүктөрдү кеңири талдоого алып, алардын категориялык статусун тарыхый-логикалык жобонун негизинде аныкташкан. Чыгыш перипатетиктеринин мурда белгисиз трактаттарын илимий жактан жалпылоонун негизинде, европоцентриссттик мүнөздөгү тыянактарды далилдүү төгүндөшкөн. Айркыча, академик М.Д.Диноршоевдин чыгыш перипатетизминин (Авиценнанын, ал аркылуу жалпы ойчулдардын) онтологиясын иликтеген фундаманталдуу эмгеги өзгөчө тарыхый-философиялык мааниге ээ.

Кийинки кездерде, айрыкча эгемендик жылдарында кыргыз илимий коомчулугу тарабынан аталган проблема боюнча илимий аракеттер бир топ колго алынды. Улуттук окумуштуулар деп аталган үчүнчү топ өкүлдөрү: А.И. Нарынбаев, А.А. Бекбоев, Ы.М. Мукасов, А.Ч. Какеев, О.А. Тогусаков, Т. Аскаров, А. Салиев, Ш. Базарбаев, А.К. Асанбаев, Н.К.Саралаев, З.Э. Эралиев, Т. Чоротегин, Ж. Шериев, А. Акматалиев, К.А. Артыкбаев, А. Эркебаев чыгыш ойчулдарынын илимий мурастарын кыргыз маданияты менен байланыштырып талдап, алардын тарыхый-философиялык “ордун” объективдүү аныктоого аркеттенишкен.

**Диссертациялык иштин темасынын ири илимий программалар жана изилдөө иштери менен байланышы.** Илимий изилдөөнүн темасы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун илимий иштеринин негизинде ишке ашырылды жана Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгына ылайык 2015-16-жж. Жусуп Баласагындын 1000 жылдык юбилейин улуттук жана эл аралык деңгээлде белгилөө программасы менен тыгыз байланыштуу.

**Изилдөөнүн объектиси жана предмети.** Чыгыш перипатетизминин ири өкүлдөрү - Аль-Кинди, Аль-Фараби, Ибн Сина жана Ибн Рушддун

фалсафалык (онтологиялык, гносеологиялык, логикалык) трактаттары жана акын-ойчул Жусуп Баласагындын формалык өңүттөн эпикалык, мазмун кудурети боюнча философемалык мүнөздөгү энциклопедиялык «Куттуу билим» трактатында турмуш талабынан улам жаралган көркөм-образдык татаал ой тааным сентенциялары, алардын ички табияты изилдөөнүн объектиси болуп эсептелет.

Ал эми аталган объектини адекваттуу аңдоого мүмкүнчүлүк шарт түзгөн логикалык каражат-ыкмалар (түшүнүктөр, категориялар, жоболор, парадигмалар) карама-каршылыктын чыңалышы, чечилиши, тарыхый конкреттүүлүк, логикалык татаал, объективдүүлүк, жөнөкөйдөн татаалга, абстракттуулуктан конкреттүүлүккө умтулган тааным процесси, объективдүү жана субъективдүү акыйкаттык ж.б. **иликтөөнүн предмети** болуп саналат.

**Диссертациялык иштин негизги максаты** карама-каршылыктарга жык Борборазия элдеринин, анын ичинен кыргыз элинин улуттук-рухий маданиятынын калыптанышын тескеп иликтөөнү мейкиндик менен мезгилдин айкалышы менен мүнөздөлгөн тарыхый алкакка жараша конкреттештирүү жана Чыгыш ренессансы менен киндиктеш «Куттуу билим» трактатынын эстетикалык парадигмаларын, метафилософиялык субстанцияларын, чыгыш перипатетизм эстетикасынын имплициттик мазмунун тарыхый-философиялык өңүттөн соңку назарияттын нугунда дагы бир ирет эс-акылдын элегинен өткөрүү.

Аталган максатты жетишерлик деңгээлде ишке ашырууга багытталган диссертациялык изилдөөнүн төмөнкү милдеттери аныкталган:

- Кайра Жаралуу доорун түптөгөн Чыгыш ренессансынын тарыхый-философиялык маңызын адекваттуу аңдап, анын дүйнөлүк маданиятка тийгизген таасирин тактап, концептуалдык өзгөчөлүгүн дааналоо;
- Классикалык перипатетизмдин эстетикалык концептерин “фалсафанын” теориялык булагы экендигин конкреттүү ойлом материалдарынын негизинде аныктап, аристотелизмдин Гегель адилет белгилегендей антикалык доордун урандыларынын астында калбагандыгынын себебин айкындоо;
- Исламга чейинки салттуу диндердеги (зороастризм, буддизм, иудаизм, несториан, даосизм, христиан ж.б.) эстетикалык түшүнүмдөрдүн протофилософиялык өзгөчөлүктөрүн иликтөө;
- Формасы боюнча диний-исламдык, мазмуну боюнча фалсафалык «коoздук», «сулуулук», «боорукердик», «ырайымдуулук», «мээримдүүлүк» өңдүү түшүнүк-түшүнүмдөрдүн тааным парасатын прототүшүнүк катары дааналоо;

- Орто кылымдардагы Чыгыш ойчулдарынын (Аль-Фараби, Ибн Сина, Жусуп Баласагын ж.б.) эстетикасындагы «гармониянын» космологиялык типологиясынын космогониялык өзгөчөлүктөрүн аныктоо;

- Чыгыш перипатетизминен шык алган орто кылымдардагы Чыгыш поэзиясындагы, музыкасындагы, кол өнөрчүлүгүндөгү, дегеле искусствосундагы адамдарга эстетикалык рахат, жагымдуу маанай тартуулаган жагдайлардын мазмундук “талаасын” айкындоо;

- Кооздук, сулуулук «(прото)категорияларынын» алкагындагы ойчулдардын идеяларынын жана гумандуу парадигмаларынын (концептеринин) философемалык мүнөзүн тактоо;

- Орто кылымдардагы кыргыз элинин социомаданий, социотарыхый абалын алардын дүйнөгө болгон көз караштары менен байланыштырып, Чыгыш “кайра жаралуусунун” (ренессансынын) кыргыз мейкиндигиндеги өзгөчөлүктөрүн тарыхый конкреттүү мисалдардын негизинде тактоо;

- Жусуп Баласагындын доорун жана анын маданий-эстетикасынын өбөлгөлөрүн социомаданий, социотарыхый жана гуманитардык таризде талдоого алуу;

- Жусуп Баласагындын дүйнө таанымын, дүйнө түшүнүктөрүн постклассикалык философиялык тилкенин алкагында эпистемолгиялык (билимий) концепт иретинде тактоо;

- «Куттуу билим» трактатынын илимий-эстетикалык кудуретин учурдун талабына ылайык илимий “классикалык эмес талдоодон” өткөрүү;

- Жусуп Баласагындын метафилософиясын жана эстетикалык концепттерин изилдөөгө байланыштуу илимий тажрыйбада белгиленип жүргөн айрым маселелерди конкреттештирүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Илимий иште негизинен чыгыш перипатетизминин протоклассикалык эстетикасынын имплициттик мазмуну тарыхый-философиялык жактан талданып, орто кылымдардагы чыгыш ойчулдарынын дүйнө карашына комплекстүү талдоо жүргүзүлдү. Буга чейинки изилдөөлөрдөн айрымаланып, бул иште жалпы фалсафалык (дүйнө караштык) жоболор эстетикалык концепттер менен тыгыз байланыштырылып каралып, идеялык, поэтикалык жана гуманисттик компонент-философемалардын мазмунун далилдүү айкындоого аракеттер жасалды. Диссертациялык иштин жаңылыгы иретинде төмөнкү жоболор аныкталды:

- Чыгыш перипатетизми Стагириттин окуусуна негизделген жалпы орто кылымдарга тиешелүү тарыхый-философиялык ой жүгүртүүнүн өзгөчө ыкмасы экендиги илимий фактылардын, аргументтердин негизинде далилденди;

- Ренессанс бүткүл дүйнөлүк кубулуш (маданияттардын кагылышы) экендиги жана Батыштагы Кайра Жаралуу дооруна чейин эле Чыгышта мындай процесстин (араб-фарсы жана батыш маданиятынын кагылышы) болгондугу тарыхый-философиялык жана илимий деңгээлде чечмеленди;

- Антик доорундагы классикалык перипатетизмдин эстетикалык идеяларынын тарыхый-философиялык экспликация (белгисиздикти белгилүүлүк менен аныктоо) ыкмасы менен анализге алынды;

- Ислам дини жана ага чейинки салттуу буддизм, иудаизм, суфизм, манихей ж.б. диний ишенимдердеги кудайга (абсолютка) болгон сүйүү-урмат, адам сулуулугу, жаратылыш коздуктары жөнүндөгү жан дүйнөгө өзгөчө таасир берген философемалардын өзгөчөлүктөрү аныкталды;

- Космостун, ааламдын, адамдын, жаратылыштын өтмө-катар (диалектикалык) жана органикалык биримдиги дааналанып, эстетикалык элементтердин (жекеликтердин) гармониясынын (жалпылыгынын) космологиялык типологиясы аркылуу “космоэстетиканын” салыштырмалуу картинасы түзүлдү;

- Поэтиканын, музыканын, кол өнөрчүлүктүн, дегеле искусствонун адамдарга эстетикалык рахат, жагымдуу маанай тартуулаган жагдайлары тууралуу чыгыш перипатетикалык ойлом материалдары такталды;

- Баласагындык Жусуптун доору жана анын маданий-эстетикасынын тарыхый-таанымдык (өткөнчак-учурчак) өбөлгөлөрү социомаданий, социотарыхый жана гуманитардык таризде жана постклассикалык алкакта талданды;

- Поэмадагы эстетикалык концепттердин тутуму ар тараптуу иликтөөгө алынып, жаратылыш коздугу менен адам сулуулуктарынын шарттуулугу (көркөм каражат-субъективдүү реалдуулук менен акыйкаттулуктун дал келбеши) аныкталды.

**Иштин методологиялык жана теориялык негизи** катары тарыхый-философиялык салыштырма ыкма, дүйнөлүк философиянын, айрыкча антикалык философтордун, чыгыш ойчулдарынын, кыргыз философторунун кыргыз философиясынын жана коомдук ойлорунун тарыхына арналган изилдөөлөрү, эстетика тармагындагы ачылыштар, анын эволюциялык процесстери жана гуманисттик багыттагы жалпы эле илимий эмгектер кызмат өтөдү.

Жогорудагы методологияны таяныч катары пайдалануу менен алдыга койгон максат-милдетти аткаруу үчүн төмөнкүдөй методдорду колдондук: жалпы илимий-методикалык, тарыхый-логикалык, системалык, абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өтүү, диалектикалык, аналитикалык, анализдик жана синтездик методдор, эпистемологиялык, аксиологиялык, коммуникативдик, семиотикалык жана социодетерминанттык принциптер жобо катары эске алынды.

**Диссертациянын теориялык жана практикалык мааниси.** Диссертациялык изилдөөбүздүн теориялык мааниси байыркы, орто кылымдардагы, дегеле адамзат жашоосундагы эстетиканын тарыхый-философиялык өзгөчөлүктөрү, өнүгүү жолу, мезгил менен байланышкан мыйзам ченемдүүлүктөрү талдангандыгында. Эстетикалык дөөлөттөр аркылуу инсанды тарбиялоодо чоң милдетти аткарып, антигуманисттик терс көрүнүштөр жана тенденциялар менен күрөшүүдө өзгөчө мааниге ээ болгондуктан, бул категорияны ар тараптуу жана комплекстүү иликтөөгө алуу теориялык маанилүү жумуштардын бири болуп саналат.

Диссертациянын практикалык мааниси болсо, биздин изилдөөбүздө берилген тыянактар, сунуштар философиянын тарыхы, эстетика илиминдеги жана кыргыз философиясынын тарыхындагы илимий-теориялык бөксөлүктү толтуруп, аталган илимдер боюнча жогорку окуу жайларынын жана орто мектептердин окуу программаларын, окуу китептерин түзүүдө, ошондой эле аспиранттардын, изденүүчүлөрдүн жана ушул тармакка кызыккандардын изилдөөлөрүндө пайдаланылат деген ойдобуз.

**Коргоого сунушталган негизги жоболор.** Чыгыш перипатетизм эстетикасынын имплициттик мазмунун белгилүү теориялык концепциялардын негизинде тарыхый-философиялык анализдөө изилдөөнүн төмөнкү коргой турган жоболорун белгилөөгө мүмкүнчүлүк түзөт:

1. Илимий тажрыйба так айкындагандай тигил же бул ой-бүтүмдөр өткөнчактын рухий дөөлөттөрүнө таянуу менен аларды чыгармачылык менен кайрадан иштеп чыгып, жаңы шартка, кырдаалга ылайыкташтырат. Натыйжада өткөнчакка мүнөздүү доор менен шартталган концепттер жаңы мазмунга (формага) ээ болот. Мындай жалпы жобо классикалык перипатетизм менен чыгыш перипатетизмини өз ара алакасына да мүнөздүү.

2. Белгилүү орус философу А.Ф. Лосев «Байыркы тарыхты, көркөм чыгарманы жана философияны билбей туруп, эстетиканын маани-мазмунун түшүнүү кыйынга турат» дегендей, илимде өтмөлүк (преемственность), мураскордук гана эмес, алдын ала озунуу принциби да бар. Бул коомдук аң-сезимдин өз алдынчалуу (объект-субъектилик гана эмес субъект-объектилик) өзгөчөлүктөрүнүн бири. Тагыраак айтканда, илим кандайдыр бир бүкүлү система иретинде калыптана электе, анын угуту – сциентистикалык элементтери пайда болот. «Эстетика» илими калыптанганга чейин анын протоилимий түшүнүктөрү жаралган. Демек, байыркы жана орто кылымдардагы эстетикалык түшүнүк-түшүнүмдөрдөгү имплициттик мүнөз кокустук эмес.

3. Чыгыш ренессансы илим-билим дүр өнүгүп, синтезделген маданият гүлдөп турган орто кылымдар дооруна туура келет. Анткени аталган мезгил Чыгыш эли үчүн өзгөчө: ар кандай элдердин маданияттары, рухий мурастары жуурулушкан ошол учурда, дооруна жараша улуу акындар, ойчулдар жана философтор акылгөй улуу чыгармаларын жаратты. Улуу инсандардын чыгармалары, реалисттик ойлору дүйнө түшүнүүнүн өзгөчө системасы жана эстетикалык-философиялык багыты катары калыптанды. Чыгыш перипатетизми антик философиясынан угут алып, анын жоболорун "зарыл-негиз", "мүмкүн-негиз", "башка аркылуу негиз" дүйнөлүк картинасы аркылуу өнүктүрдү.

4. Орто кылымдардагы перипатетикалык эстетикалык идеялардын, түшүнүктөрдүн калыпташына протоклассикалык философиянын, улуттук түшүнүктөрдүн системасы, диндик түшүнүмдөр, Чыгыш ойчулдарынын жеке ойлору жана эмпирикалык билим деңгээлдери зор таасир бергендиги мыйзам ченемдүү көрүнүш.

5. Дүйнө элдеринин тарыхында орто кылымдардагы Чыгыш араб-мусулман элдеринин көркөм-маданий искусствосунун орду өзгөчө. Анткени, Аль-Фараби, Ибн Сина, Беруни, Омар Хайям, Руми, Аль-Газали, Рудаки, Аль-Мутаннаби, Абулкасым Фирдоуси, Жусуп Баласагын, Махмуд Кашкар сыяктуу акын-ойчулдардын эмгектери жаралып, алар баалуу мурас катары бүгүн да өз маанисин жогото элек. Улуу ойчулдар жараткан улуу иш, учкул сөз, терең ойго сиңирилген тарыхый мурастар жалпы дүйнөлүк маданияттын бир бөлүгү катары түбөлүк жашап келет. Ойчулдардын көп кырдуу эмгектериндеги (өзгөчө Чыгыш поэзиясында) эң негизиги адам баалуулуктары, гуманисттик принциптер, этика-эстетикалык түшүнүк-түшүнүмдөрү алардын түбөлүктүүлүгүн айгинелейт.

6. Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» чыгармасы табият-турпаты боюнча ренессансттык кубулуштун таасын көрүнүшү. Ушундан улам бул иликтөөнүн башатын Чыгыш ренессансынын социомаданиятынын табияты жана мындан тышкары «Куттуу билим» тарыхый-таанымдык дөөлөттүн өзөктүү социомаданий детерминанттары түздү. Кылым карыткан мындай чыгарманы жараткан чыгаан ойчул Жусуп Баласагын жашаган кыргыз жери Чыгыш ренессансынын чакан мейкиндиги болуп эсептелет.

7. Жусуп Баласагын жана анын «Куттуу билим» чыгармасына болгон ар кандай ой-пикирлерге, көз караштарга бүгүнкү күндүн талабына ылайык жаңыча, объективдүү пикирлерди белгилөө каралып, акын-ойчулдун дүйнөгө болгон көз карашы, дүйнө таанымы илимий назарияттын нугунда постфилософиялык жагдайдан иликтөө зарылдыгы жаралган.

8. Акын-ойчулдун чыгармасынынын эстетикалык баалуулугу анын коомдук өсүшкө керектүү ар түрдүү көз караштарга, ойлорго бай экендигинде гана болбостон, баарыдан мурда ал ойлорду поэтикалык образдар, ар түрдүү көркөм ыкмалар, көркөм табылгалар аркылуу так, элестүү көрсөтө алгандыгында. Ошондуктан чыгарманын көркөм композициясын бекемдеп турган элементтердин ээлеген орду, аткарган көркөмдүк кызматы олуттуу.

9. Чыгыш перипатетиктеринин эмгектерин "адамзат философиясы" деп атоого алардын чыгармаларында кеңири колдонулган төмөнкү: "жакшылык менен жамандык", "адептүүлүк менен наадандык", "билимдүүлүк менен билимсиздик", "сылыктык менен оройлук", "байлык менен жакырчылык", "жаштык менен карылык", "өмүр менен өлүм" ж.б.у.с. турмуштук, моралдык-этикалык категорияларды эстетикалык категориялар менен бирге салыштырып кароо табигый көрүнүш.

10. Биз жашап жаткан кылым информациялык цивилизациянын доору. Мындай илимий-техникалык прогресс адам баласы үчүн ар дайым жагымдуу маанайды пайда кылбастан, жашоодо карама-каршы, өзгөчө рухий жардылык, ыйман деградациясынын күч алышы, адамдардын ички дүйнөсүнүн бузулушу сыяктуу терс жагдайларды да жаратууда. Жогоруда айтылган жагдайлар (карама-каршылыктар) күч алып турган мезгилде перипатетикалык эстетикалык дөөлөттөргө кайрылып, орто кылымдардагы даанышман-ойчулдардын эмгектериндеги жалпы адамзаттык баалуулуктарды (парадигмаларды): адамзат рухундагы айкөлдүк, адилдик, асылдык, сулуулук, адамгерчилик, чындык, сүйүү өңдүү өз баасын жана маанисин жоготпогон субстанция-императивдерди изилдөө учурдагы илимий зарылдык болуп эсептелет.

**Диссертанттын жеке салымы.** Адатта, илимий практикада кандайдыр бир тигил же бул ишти компилятивдүү мүнөздө деп коюшат. Башкача айтканда өзүнө чейинки ойлорго, бүтүмдөргө таянат жана аны кайталайт, ансыз тарыхта өнүгүү болбойт. Өз учурунда бүткүл дүйнөгө өз идеясын таңуулаган «марксизм» окуусу да өзүнө чейинки классикалык немец философторунун эмгектеринен азык алгандыгы тарыхый чындык. Ошондуктан, докторант орто кылымдардагы Чыгыш ойчулдарынын (Аль-Фараби, Ибн Сина, Жусуп Баласагын ж.б.) концепцияларындагы эстетикалык идеяларга анализ жүргүзүүдө классикалык перипатетизмдин ири өкүлдөрүнүн эмгектериндеги эстетикалык ойлордун имплициттик мазмунунун кыргыз илимий коомчулугунда алгачкылардан болуп тарыхый-философиялык өңүттөн иликтөөгө алган.

Диссертанттын дагы бир жеке салымы катары Чыгыш ойчулдары Аристотелдик окууну чыгармачылык менен пайдаланышып, өнүктүрүшүп, аны башка элдерге жайылткандыктарын тактап, ошондой

эле европоцентристтик окумуштуулардын көз караштарына («чыгыш перипатетизми бул - уурулук, эч кандай жаңылыгы, ыгы жок комментатордук» деп эсептешкен бүтүмдөрүнө) карата илимий таризде жооп кайтарганын айтууга болот.

**Иштин апробацияланышы.** Илимий иштеги негизги ойлор, корутундулар, сунуштар Ош мамлекеттик юридикалык институтунда, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин Оштогу филиалында жана Ош мамлекеттик университетинин студенттери үчүн өткөн лекцияларда, атайын курстарда, семинарларда, эл аралык жана жергиликтүү мүнөздөгү илимий-практикалык жыйындардагы докладдардын мазмунун камтыган макалаларда чагылдырылган, мындан сырткары «Чыгыш ренессансы жана Баласагындык Жусуп», «Куттуу билим» трактатындагы эпикалык парадигмалардын философиялык негиздери», «Эстетиканын исламга чейинки салттык жана диний формалары», «Поэтикалык искусствонун гуманисттик философемалары» жана «Перипатетикалык эстетиканын имплициттик мазмуну» аттуу монографиялар жарык көргөн. Илимий иштин концепциялары жана теориялык жыйынтыктары алгач Ош мамлекеттик университетинин философия жана политология кафедрасында жана КР УИАсынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун философиянын тарыхы бөлүмүнүн кеңейтилген жыйынында талкууланды жана жактырылды.

**Диссертациялык иштин көлөмү жана курамы.** Диссертациялык иш изилдөөнүн илимий негизин камтыган киришүүдөн, үч главадан, он эки параграфтан, корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүү бөлүмүндө** изилдөөнүн зарылдыгы, тандалып алышына түрткү болгон аргументтер жөнүндө сөз болуп, теманын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты менен милдеттери, илимий жаңылыгы жана методдору аныкталды, теориялык жана практикалык мааниси көрсөтүлдү, ошондой эле изилдөөнүн натыйжаларынын апробациясы чагылдырылды.

Биринчи глава **«Чыгыш перипатетизм эстетикасынын классикалык өбөлгөлөрү жана концептуалдык булактары»** деп аталып, ал төрт параграфтан турат. Аталган главанын биринчи параграфы **«Чыгыш Ренессансынын тарыхый-философиялык маңызы»** деп аталат да, анда Кайра Жаралуу доорун түптөгөн Чыгыш Ренессансынын тарыхый-философиялык маңызын тереңдеп аңдап, анын дүйнөлүк маданиятка тийгизген таасири такталып, концептуалдык өзгөчөлүгү дааналанат.

«Европоцентризм» деп аталган көз караштын өкүлдөрү Батыштын маданиятын Чыгыш маданиятынан жогору коюшуп, кечээ күнгө чейин чыгыш элдерин ар тараптуу басмырлап, маданияты өнүкпөгөн, артта калган элдер катары карап келишти. Жада калса Ренессанс (Кайра Жаралуу) – Европага гана тиешелүү кубулуш экендигин далилдөөгө аракет кылышты. Ал эми мындай пикирлер, көз караштар эч бир чындыкка дал келбейт. Мунун далили катары көрүнүктүү орус окумуштуусу, белгилүү чыгыш таануучу, академик Н.И. Конраддын Чыгыш цивилизациясынын тарыхын изилдеп, илимге «Чыгыш Ренессансы» деген түшүнүктү киргизгенин айтсак болот. Окумуштуу бул түшүнүктү изилдеп чыгып, Ренессанс Европага гана тиешелүү эмес, бул бүткүл дүйнөлүк кубулуш экендигин баса белгилеген. Ал XIV кылымдагы Италиядагы Кайра Жаралууга чейин эле IX-XII кылымдарда Чыгышта ушундай жандануунун болгондугун, андан соң ал процесс Европага жайылгандыгын көрсөтөт. Кийинчерээк Чыгыш ренессансы жөнүндө көптөгөн эмгектер жарык көргөн. Ал эми щвейцариялык чыгыш таануучу Адам Мец илимге «Мусулман Ренессансы» деген жаңы терминди киргизген. Себеби бул мезгилде (IX-X кк.) ислам дини Араб жарым аралынын чегинен чыгып, Испания, Иран, Ооганстан, Африка, Борбордук Азия, Памир тоолоруна чейин тарап, ушул өлкөлөрдө мусулман дини негизги идеология катары кызмат кылып турган. А.Мецтин китеби өтө мазмундуу, себеби мусулманчылыктын жол-жоболорунан тартып, илим-билим, мамлекетти башкаруу, медицина ж.б. көп тармактарды бүтүндөй терең анализдеген. Кийинчерээк Чыгыш Ренессансы жөнүндө көптөгөн эмгектер жарык көргөн. Аны иликтеп жаткан ири окумуштуулардын (В.М.Жирмунский, Н.И.Конрад, Ш.И.Нуцубидзе, В.К.Чалоян, А.Ф.Лосев) айтуусунда, бул феномендин үч белгиси болушу шарт: 1) адамгерчилик сезими, же болбосо гуманизм; 2) теологиялык жана диний догмалардан арылып, ааламга карата эркин ой-жүгүртүү; 3) байыркынын классикалык үлгүсүнүн болушу. Кайра Жаралуу маданиятынын негизги мазмунун гуманизм түзгөн. Эгер өткөнгө саресеп салсак, анда, Ренессанстын үч белгисинин биринчиси (негизгиси) болгон гуманизм түшүнүгү, анын көркөм концепциясы мусулмандык Чыгышта европалык Ренессанска чейин бир топ мурун эле иштелип чыкканын жана көркөм сөз өнөрү «гумандуулук», «адамгерчилик» (адамийиат) деген термин менен толукталганына күбө болобуз. Анын автору улуу акын Саади (1203-1292-жж.) эле. Ал гумандуулук идеясын бүт дүйнөгө белгилүү болгон поэтикалык формуласында чагылдырган:

Бир дене – адам тукуму ширешкен бек,
Жасатын топурактан келтирген эп.
Бир мүчө шол денеден зака жесе

Зыркырайт тынчы кетип бүткүл дене…
Күйбөсөң шордууларга убайым жеп,
Айтышпайт сени адамдар адамсың деп!

Ренессансты мүнөздөгөн ар бир белги өз алдынча изилденүүгө татыктуу. Алар диалектикалык байланыштагы тарыхый кубулуштар. Булардын ичинен өзгөчө орунду адам ээлейт. Анткени ал өндүрүүчү, түзүүчү. Ошондуктан адамды маданиятты жаратуучу деп аташат. Ушуга байланыштуу адам гумандуу мамилеге татыктуу.

Кайра Жаралуунун жогоруда белгиленген критерийлери VII кылымдардан тартып Кытайдын, IX кылымдардан Борбордук Азия жана Ирандын коомдук түзүлүшүнөн байкала баштаган. Кайсы жагынан алып карабайлы, Ренессанс доору бүтүндөй бир региондогу элдердин экономикасын, рухий жана материалдык маданиятынын дүркүрөп өсүп-өнүгүшүн өз кучагына алат. Анын пайда болушу рухий жана диний таасирлердин, экономиканын өнүгүшүнө карата өбөлгө-шарттын, бирдиктүү саясаттын өз ара бири-бири менен болгон шартташуусуна, эң негизгиси ошол элдерден чыккан гениалдуу инсандардын жеке аракеттеринин жаралуусуна терең байланыштуу экендигинде.

Демек, жогоруда баяндалган ой-пикирлер ошол кезди Чыгыш Ренессансынын доору деп атоого толук негиз берет. Ушундай өңүттөн алып караганда, Чыгыш элдеринин маданиятынын кайра жаралуусуна негиз болгон кандай өбөлгөлөр бар эле?

Эң оболу маданият дүркүрөп өнүгүп, тамыр жайып жаткан ислам дининин таасирине карабастан анын багыты, элди билим менен сугарууга, сабатсыздыкты жоюп, агартуу иштерине көбүрөөк көңүл бөлүүгө анын өкүлдөрү Хорезми, Фергани, Бируни, Кашгари, Бухари, Самарканди ж.б. түрткү беришкен жана салым кошушкан. Мына ошондуктан айрыкча табият таануу илимдери өнүгүп, жаратылышты үйрөнүүгө өзгөчө көңүл бөлүнгөн. Натыйжада мурдагы басып өткөн мезгилдин маданиятын четке какпай, диалектикалык таануу ыкмасы менен аларды терең үйрөнүп, анын баалуу жактарын колдонушкан. Айрыкча Индия, Иран, Кытайдын илим, билим, маданиятын, традициясын кенен пайдаланышкан. Бул мезгилде илимде рационализм кенен пайдаланылып, акыл-эс чындыкка жетишүүдө башкы багыт болуп эсептелинген жана ошондой тепкичте турган.

Чыгыш Ренессансынын дагы бир бөтөнчөлүгү катары жаратылыш өз мыйзам ченемдүүлүгү менен өнүгүп, адам баласы анын өнүгүүсүндө жетишилген эң чоң чек, адамдан башка касиеттүү нерсе жаратылышта да, коомдо да жок экендигин моюнга алууну көрсөтүү керек. Анткени адам жаратылыштагы айбанаттардан айырмаланып, акыл-эстүү, өз алдынча ойлоно алат, логикалык жактан бир бүтүмгө, корутунду, жыйынтыкка келүү менен сүйлөп, өз пикирин тил аркылуу башкаларга жеткирүүгө

жөндөмдүү. Тил – адам баласынын эң маанилүү жана алмашылгыс өз ара катнаш куралы. Кала берсе, ал адамдардын ой пикирин жана сезимдерин билдирчү, рухий өнүгүүнүн абзалы катары баалуу. Белгилүү болгондой, кийинчерээк тил улуттун эң мүнөздүү касиеттеринин бирине айланат. Ошондуктан ага чоң маани берилип, бул предмет сабак катарында үйрөтүлгөн. Окумуштуулар тил жөнүндө атайын эмгектерди жазышкан. Мисалы, Махмуд Кашгари бул багытта «Диван лугати-ат-түрк», «Түрк тилдеринин сөз жыйнагы» аттуу эмгектерин жазган. Ушул доордо жашаган бардык ойчулдар, акын-жазуучулар, окумуштуулар өз билим деңгээли боюнча илим-билимдин бир канча тармактарын өздөштүрүп, чыныгы энциклопедиялык нуктагы аалым болушкан. Алар үйрөнбөгөн жана салым кошпогон илимдин бир да тармагы болгон эмес. Чыгыш Ренессансынын бөтөнчөлүктөрү мына ушунда.

Чындыгында орто кылымдарда Чыгыш элдеринин маданиятынын, философиясынын өнүгүүсү жогорку деңгээлге чыккан. Бул региондо ар кандай тарыхый-философиялык агымдар («перипатетизм», «калам», «суфизм» ж.б.) бир эле мезгилде, бир эле региондо өкүм сүрүшкөн жана алардын ичиндеги башкы багыттын өкүлдөрү Чыгыш Ренессансынын (перипатетизминин) ири ойчулдары болгон Аль-Фараби, Аль-Кинди, Ибн-Сина, Ибн-Рушд, Абу Райхан Беруни, Аль-Хорезми, Ибн-Баджа, Ибн-Туфейл ж.б. болушкан. Алардын терең мазмундуу эмгектери Жусуп Баласагын сыяктуу орошон ойчулдардын чыгармачылык идеяларынын калыптанышына да өбөлгө түзгөндүгүн мезгил өзү далилдөөдө.

**«Классикалык перипатетизмдин эстетикасынын тарыхый-философиялык экспликациясы»** деп аталган экинчи параграфта антикалык доордогу классикалык перипатетизмдин өкүлдөрүнүн чыгарма-эмгектериндеги нагыз эстетикалык илимге чейинки протоэксплициттик «гармония», «симметрия», «сан», «өлчөм», «күн», «жан», «жарык» сыяктуу категориялар аркылуу өздөрүнүн эстетикалык концепцияларын тартуулашкандыгы тууралуу тарыхый-философиялык анализ берилет.

Эстетиканын тарыхында Пифагордун гармония жөнүндөгү окуусу өзгөчө мааниге ээ, себеби ал бүткүл дүйнө гармониялык түзүлүштөрдөн тургандыгын айгинелеген теориялык алгачкы чыгармалардан болгон. Гармония жаратылыштагы заттардын жана кубулуштардын ички байланышы жана карым-катышы, ансыз космос да жашабайт. Сандык гармония өзгөчө музыкалык тонго ээ болгон симметриялык ырааттуулукта жайгашкан космос жөнүндөгү жалпы антикалык окууну түзгөн. Пифагорчулар космологиянын өзүнө эстетикалык жактан мамиле жасоо сунушун киргизишкен, алар дүйнөнүн гармониялуу экендигин таануу менен ага симметриялуу геометриялык фигуранын формасын беришкен; «чөйрө гармониясы» жөнүндөгү белгилүү пифагордук окуу да ушуга

байланыштуу болгон. Пифагор жана анын окуусун улантуучулар күндү айланган кыймыл ааламга керемет музыка таратат деп эсептешкен. Алардын ою боюнча бүткүл космос гармониялык жактан куралган музыка жараткан тело. «Чөйрөнүн музыкасы» жөнүндөгү окуу – пифагордук эстетиканын эң белгилүү мотиви.

Гераклит гармонияга жаңыча түшүнүк берүүгө аракет жасаган, анын пикири боюнча гармония бир бүтүндүктү түзгөн карама–каршы бөлүктөрдүн ички биримдиги, макулдашуусу, тең салмакташуусу. Гераклит боюнча гармония пифагорчулардагыдай сандардан жана айрым бөлүктөрдүн биригишинен улам жаралбайт да, буюм бир бүтүндүк катары каралат. Анын эстетикасынын биринчи планына гармониянын онтологиялык түшүнүгү коюлат.

Аль-Фарабинин жана Ибн Синанын гана эмес, орто кылымдагы бүткүл араб-мусулман эстетикалык көз караштарынын калыптанышында Платондун жана Аристотелдин окуулары маанилүү роль ойногон. Платондун эстетикасы антикалык доордогу жогорку классиканын үлгүсүнө кирет, ал пифагордук «чөйрө» жана гераклиттик агым теорияларынан баш тарткан. Өз доорунун улуу философу космосту физикалык жана маанилүү бөлүктөргө ажыратып караган жана кайра алардын окшоштуктарын тапкан. Демек, Платон боюнча эстетикалык аң-сезим булички жана сырткы нерселердин, билим менен сезимталдыктын, бүтүн менен бөлүктүн, кыялдагы нерсе менен реалдуулуктун биримдиги. Платондун эстетикалык окуусу так жана өзгөрүлбөс система эмес, анын эстетикалык көз караштары ар түрдүү, кээде анда карама-каршылыктарды да байкоого болот. Эстетикалык ар түрдүүлүктүн ичине «сан», «ыргак», «өлчөм», «гармония» категориялары кирген.

Жогоруда айтылгандай, Чыгыш перипатетиктеринин эстетикалык көз караштарынын калыптанышында Аристотелдин окуулары жана эмгектери өзгөчө роль ойногон. Аристотелдин эстетикалык көз караштарына талдоо жүргүзүүнү биринчи кезекте Биримдиктен, Акылдан, Жан дүйнөдөн жана Космостон турган онтологиялык эстетиканын негизги төрт принцибине түшүнүк берүүдөн баштоо керек. Ал бүтүн эйдостун биримдигин (үзгүлтүксүздүктүн, роддук түшүнүктүн биримдигин) четке кагып, биримдиктин, тактап айтканда, өлчөмдүн биримдигинин жаңы түшүнүгүн сунуш кылат. Буюм, нерсе жалпысынан бир бүтүндүк, анын бөлүктөрүнүн суммасы. Кооздук жана жакшылык Аристотель тарабынан башкалар үчүн эмес, өзү үчүн кызмат кылган таза бытие катары каралат. Ал абсолюттук акыл жана өзү да акыл менен түшүндүрүлгөн көрүнүш жана материалдык касиетке ээ эмес, бирок материяны жаратат, ага багыт берет жана ишке салат. Аталган эки термин «калокагатия» термини менен түшүндүрүлөт,

булэтикалык «жакшы» менен эстетикалык «кооздуктун» биримдигин айгинелейт.

Эстетикалык ой-жүгүртүүнүн андан аркы өнүгүшү эллинизм доору менен байланышкан. Эллинизмдик искусстводо сырткы мазмундан дээрлик ажыраган жана тереңдетип ой жүгүртүүгө багыт алган форманын атайын культу жаралган. Эллинизм искусствосуна жана адабиятына риторика, фантастика, акылдык жана эмоционалдык эквилибристика таандык. Байыркы натурфилософиянын жана грек классикасынын материалисттик традициясы кийинчерээк теологиялык багытта кайрадан иштелип чыккан. Байыркы дүйнөнүн мифологиясына тиешелүү баёолук жана жөнөкөйлүк акырындап философияга жана диалектикага мистикалык, аскеттик жана акыл-эстин практикалык методикасына өткөн.

Эпикуреизм эллиндик философиянын негизги мектептеринин бири катары өзүнүн теориялык көз караштарын субъективдүү өз акылын жогорулатуу жана адам жан дүйнөсүнүн өзүн-өзү коргоо принциптеринде негиздеген. Эпикуреизм адамды коркуп-үркүүгө, чочулоого, жамандыкты күтүүгө алып келген ар кандай ырым-жырымдардан жана жок нерсеге ишенүүдөн бошонууну талап кылган. Кооздук жана жакшы жашоо башкы жыргалчылык деп эсептелингендиктен, кудайлар жөнүндөгү Эпикурдун окуусу эстетикалык мүнөзгө ээ.

Плотиндин «Сулуулук жөнүндөгү» трактаты кооздук менен сулуулуктун проблемасына арналган, бул эмгегинде автор эйдос түшүнүгүн жогору коёт, себеби эйдостун нерседе чагылдырылышы жалпы кооздуктун башкы мүнөздөмөсү. Айрым предметтер өз алдынча жалгыз туруп эле кооздукка ээ болсо, айрымдары башка нерселер менен биргеликте кооздук касиетине жетише алат, мына ошондуктан бир эле нерсе өз алдынча кооз болушу да, болбошу да мүмкүн. Плотиндин пикири боюнча, кооздук материянын өзүндө жаралбайт, материянын кооз болушуна өбөлгө түзүүчү материалдык эмес маңыз, мазмун же эйдос жашайт. Демек, эйдос – ар кандай эстетикалык баалоонун чен өлчөмү же критерийи болгон.

Ошентип байыркы грек окумуштуулары Гераклиттин, Платондун, Аристотелдин, пифагорчулардын, неоплатончулардын ж.б. идеялары Аль-Фарабиге, Ибн Сина жана Жусуп Баласагынга баштапкы материал гана болбостон, ички дүйнөлүк жана нравалык платформа, алардын дүйнө таанымы үчүн зарыл маалымат булагы катары кызмат кылган.

**«Исламга чейинки салттык эстетикалык философемалар»** деген параграфта диссертант исламга чейинки диндерде (зороастризм, буддизм, иудаизм, несториан, даосизм, христиан ж.б.) алардын ыйык окууларында, китептеринде боорукердик, жарык, ырайымдуулук, акылдуулук, ага

каршы караңгылык, ырайымсыздык, түркөйлүк, кастык сыяктуу эстетикалык түшүнүк-түшүнүмдөрдү протофилософиялык өңүттө караган.

Орто кылымдардагы араб-мусулман маданиятынын спецификасын, эстетикалык ойлорун жана алардын өз алдынча оригиналдуулугун түшүнүү үчүн ага чейинки зороастризм, христиан, иудаизм, буддизм, даосизм сыяктуу салттуу диндерден жана көчмөн түрк элдеринин дүйнө таанымдарынан тамыр алган маанилүү башаттарын бөлүп карoo зарыл.

Көчмөн жашоонун искусствосунда симметриялуулук принциби жана анын ыргактуу уюштурулушу адам менен жаратылыштын, бүтүн менен бөлүктүн түбөлүктүү байланышындагы жана табияттын бир бүтүндүгүндөгү гармониялык тең салмактуулукту жана дүйнө түзүлүшүнүн так өлчөмүн билдирген. Кооздук жана сулуулук реалдуу турмушта байкалат. Оозеки чыгармачылыкта сулуулук жана кооздук жаратылышка да, адамга да тиешелүү деп даңкталат. Ал жашоодогу кубаныч, жаратылыштын кулпуруп гүлдөшү, булардын объективдүүлүгү жана гармониясы менен чагылдырылат.

Зороастризм окуусу дүйнөдөгү бардык нерсе эки карама-каршы лагерге - Ырайымдуулуктун жана Кастыктын дүйнөсүнө, Караңгылык менен Жарыкчылыктын падышачылыгына бөлүнөт деген пикирге такалат. Жарыктын, ырайым-мээримдин жана адилеттүүлүктүн дүйнөсү бул дуалисттик системада Ахура-Мазданы, ал эми Караңгылык жана Кастыктын дүйнөсү Ангра-Майньюну билдирет. Ахура–Маздага бул карама-каршылык жана түбөлүк күрөштө күч-кубат жаратуучулар болгон тазалыктын жана боорукердиктин жаркын рухтары жардам берет. Дүйнө жөнүндөгү алгачкы көркөм ой жүгүртүүлөр зороастризмдин ыйык китебинде - Авестада берилген. «Кооз», «сулуу», «татынакай» сөздөрү Авестанын тилинде «боорукер», «ырайымдуу», «мээримдүү» сөздөрү менен тыгыз байланышта берилет, башкача айтканда, жакшы жана адамга пайдалуу нерсе кооз жана татынакай деп айтылат.

«Жарык», «Кооздук» сыяктуу спецификалык категориялар иудаизмде эстетикалык көз караштардын негизин түзгөн. Иудаизмдин башкы чыгармасы болгон «Көөнө осуяттын» (Ветхий завет) негизги темасы турмуштун ар түрдүү кубулуштар менен болгон байланышы кооздук жана сулуулук жөнүндөгү көз караштарды калыптандырган. Иудейлердин бул ыйык китебинин биринчи эле беттеринде Кудай өзү жараткан жаратылышты суктануу менен карап «Тоб» дейт, бул «жакшы», «кооз», «татынакай» дегенди билдирет. Кооздук сырткы дүйнөнүн, жалпы эле бардык нерсенин ажырагыс бөлүгү катары кабыл алынат.

Библияда кооздуктун эки концепциясы – реалисттик жана диний көз караштары жанаша жашайт. Александрия иудей мектебинин улантуучулары агадисттердин чыгармачыл фантазиясында – кооздук,

сулуулуктун жарык нурун чачышы эң жогорку ички дүйнөнүн сулуулугу менен кооздуктун материалдык кубулушунун орток байланыштыруучу звеносу катары карашкан. Мына ошондуктан Библия жана Агада кооздуктун сезимдик жана акылдык түрлөрүн бөлүп көрсөтүшөт. Сезимдик сулуулук (hen) – бул көрүнгөн жана сезилген дүйнөнүн кооздугу. Акыл сулуулугу болсо (hadar) – жан дүйнөнүн ички сулуулугу, анын улуулугу жана даңкы, абийири жана татынакайлыгы. Библия сулуулуктун акылдык түрүн Кудайга тиешелүү болгон сулуулукка окшоштурушат.

Буддизмде эстетикалык категориялар адамды жана андан жердеги жашоосун даңктаган жана ал Чыгыштын көркөм маданиятынын өнүгүшүнө өз таасирин тийгизген. Байыркы диний агым катары буддизмде иштелип чыккан этикалык-эстетикалык идеялар да жогоруда аталган проблемаларга арналган. Буддизмдик трактовкаларга ылайык адам дүйнөнү өзүнүн сезүү-туюусу аркылуу кабыл алат, алар болсо өз кезегинде драхмалардын (мыйзамдардын) ачыкка чыгышы катары каралат. Бул диний доктринанын өзгөчөлүгү жекече изденүүгө, аракеттенүүгө, жашоо-турмушта туура багытты тандоого умтулуу болуп эсептелет. Кандай гана адам болбосун, анын өзүнүн ички «мен» деген түшүнүгү бар, анын ички дүйнөсүнүн субстанциясы бүткүл дүйнө сыяктуу эле түбөлүктүү. Түбөлүктүү гана эмес, ал кубаттуу күчкө ээ болгон дүйнө түзүлүшү, кудайлар жана Будда менен катар турууга жөндөмдүү. Ушунан улам ар бир адам өз бактысынын түзүүчүсү деп чечим чыгарууга болот. Ошондуктан да индивиддер өз бактысын издеп, кандай гана тобокелчиликтерге барат, кыйын-кыстоолорго чыдоо менен ар кандай ийгиликтерге жетээри белгиленет.

Даосизм окуусунун борбордук бөлүгү дүйнөлүк түзүлүштү изилдөөгө арналган. Коом жана мамлекет жөнүндөгү окуу, таанып-билүүнүн жана искусствонун теориясы, дүйнө жөнүндөгү окуулар изилдөөгө алынат. Аалам бытие менен андан сырткары ички менен сырткынын гармониялык айкалышуусу ишке ашкан иерархиянын үлгүсү катары каралат. Гармония карама-каршы онтологиялык негиздер болгон ***«инь»*** менен ***«янды»*** байланыштыруучу башталгыч каражат катары кызмат кылат, башкача айтканда, аны бөлүктөрдү бир бүтүндүккө бириктирүү, үндөрдүн бир ыргакка келиши деп түшүнөбүз. Даосизмде нагыз таза кооздук менен сулуулук жана кооз жана сулуу деп кабыл алынган жалган көрүнүш айырмаланып берилет: мисалы, оймолонуп кооз жасалган кесе же табият көз карашынан алганда сулуу да, өңү серт да деп бааланбаган сулуулук. Даанышман адам жөнөкөй жана келбеттүү болбошу да мүмкүн, бирок асман алдында сулуулугу боюнча аны менен эч ким теңтайлаша албайт. «Мындай сулуулук бардык сулуулукту жана

кооздукту артынан ээрчитип кете алат». Ушул эле ойлор «жогорку жана төмөнкү» кооздук жөнүндөгү Аль-Фарабинин жана Ибн Синанын эстетикалык окууларында да чагылдырылат.

Диссертациянын **«Диний эстетикалык түшүнүмдөрдүн исламдык формалары»** аттуу параграфында «кооздук», «сулуулук», «боорукердик», «ырайымдуулук», «мээримдүүлүк» өңдүү категориялардын парасаты жана ислам дининде, айрыкча Куранда жана суфизмдик-мистикалык окууда жогорудагы эстетикалык түшүнүктөр теоцентристтик догмалардан ары боло албагандыгы айтылган. Анткени Кудайдын улуулугу, анын жалгыздыгы жана ал тарабынан адамга акыл-эстин, кайрымдуулуктун, ырайымдуулуктун берилиши сыяктуу табуланган логикадан чыгалган эмес. Ошондуктан да бул мезгилде адамдар өздөрү Кудайды көрүшпөсө да, аны эң сулуу жана эң бир кооз катары аздектеген прототүшүнүктөр биз иликтеп жаткан бул параграфта чагылдырылат.

Мусулман идеологиясы эстетикалык булакты материалдык чындыктан эмес, жан дүйнөнүн өзүнөн издеген, материалдык дүйнөдө кооздукка орун жок деген ойду таңуулап, аркы дүйнөдөгү жыргалчылыкты тирүү жашоодогу кыйынчылыктарга каршы коюшкан. Куранга ылайык бардык улуулукту Кудай алып жүрөт, адам болсо негативдүү түрдө гана мүнөздөлөт, ал Алланын күчтүү кубатын, акыл-эсин жана боорукердигин ишке ашыруучу гана каражат.

Жердеги жашоонун бардык жыргалчылыгынан жана кубанычынан баш тартуунун идеялары тирүүлүк-өлүмгө, ыраңы сууктук-кооздукка, жамандык-жакшылыкка каршы турган мусулман мистикасынын бүтүндөй дүйнө таанымдык системасына сиңип кирген. Мистикалык суфизмдин башчысы Сухраварди: «Кудайдын Биринчи Абсолюттук Жарыгы туруктуу жарыктыкты, ал өз нуру менен бардыгына жашоо берет. Дүйнөдөгү бардык нерсе Жарыктан жаралган, жашоо, жаратылыштын бардык кооздугу жана жашоодогу жыргалчылык – Алланын жоомарттыгынын натыйжасы», - деп жазган. Суфийлердин теориясы жана практикасы жашоого пассивдүү, пессимисттик маанайда мамиле жасап, реалдуу жашоодон кетүүнү артык көргөн. Суфизмдин эстетикалык концепциясында искусствонун түрлөрүнүн ичинен музыка өзгөчө орунда турган. Суфийлердин пикири боюнча музыка Таза дүйнөгө, башкача айтканда, Кудайдын дүйнөсүнө тиешелүү, ал Кудайдын рухунун гармониясы, ошондуктан музыка Кудайды түшүнүүдө адамдарга жардам берет, аларды жаман жолдордон сактайт.

Суфизм эстетикасы поэзиядан өздөрүнүн идеалына жараша форманы жана мазмунду так ажыратышкан. Поэтикалык чыгарма эмоционалдуу жана кабыл алууга жеңил болууга тийиш. Ырдын мазмуну-бул барынан мурда жараткандын рухтук күчүнүн ачыкка чыгышы, адам бул рух менен

биригип тазаланат. Чыгарманын формасы – абсолюттук бытиенин материалдык дүйнөнүн предмети түрүндө чагылдырылышы. Суфийлер үчүн поэзия таза, жагымдуу форма жана ыргак, уйкаштыктардын куралышы гана эмес, ал ички дүйнөнүн керектөөсүнүн табигый түрдө ачык билиниши, абсолюттук сулуулук жана кооздукту баамдай билүү, ага жетишүү. Суфийлик ырларды ири араб, перс, түрк жана азербайжан акындары (Аттар, Саади, Руми, Хафиз, Ниязи, Джами, Насими) жазышкан. Алардын поэзиясы символика менен байланышкан, бул исламдын кугунтуктоосунан чочулабай кескин пикирлерди билдирүүгө мүмкүнчүлүк берген.

Диний тыюулардын күчөгөн мезгилинде адамдын сүрөтүн тартууга жол берилбесе да, анын образы сүрөтчүлөрдүн көңүлүнөн сырт калган эмес. Адамдардын сүрөттөрү кол жазмаларда иллюстрация катары берилген, буюмдарда кичине өлчөмдө болсо да оймолор түрүндө адамдын элеси берилген, скульптуралык рельефтерде, монументалдык эстеликтерде да адамдын элестери чагылдырылган, бирок мындай искусство чыгармаларында адамдын образы жалпы декоративдик максатка багындырылып берилген.

Орнамент – «көз үчүн музыка» Чыгыш мусулман элдеринин орто кылымдагы искусствосунда маанилүү роль ойногон. Чыгыш өлкөлөрүнүн мусулмандарында прикладдык (колдонмо) искусство да чоң мааниге ээ болгон. Устачылык кеңири өнүгүүгө ээ болуп, жыгачтан жана баалуу металлдардан түрдүү буюмдар, жасалгалар жана кооздуктар жасалган, мында мурдатан келе жаткан салттык белгилер жана өзгөчөлүктөр сакталуу менен жаңы өнүгүүгө ээ болгон.

Архитектурада гармония түшүнүгү тең салмактуулук, туура келүү, тартип, чен-өлчөм, окшоштук, тек, пропорционалдуулук сыяктуу критерийлер менен байланышкан. Бирок да, архитектуралык-көркөм практика кээде так талап кылынган геометриялык фигуралардан да четке чыгып, көркөм табиттин жаңычылдыгы жана кооздуктун контрасттуулугу түзүлүп турган. Исламдын архитектуралык табити Чыгыш стилинде кооздоп жасалгалоо менен өзгөчөлөнгөн, көпчүлүк хан ордолор башкаруучулардын эс алуусуна жана көңүл ачуусуна арналган. Мындай кооз имараттар адамдарга эстетикалык рахат тартуулоо менен элдердин көңүлүн көтөргөн.

Экинчи глава **«Чыгыш перипатетизм эстетикасынын протоклассикалык табияты»** деп аталып, ал төрт параграфтан турат. Биринчи параграфы **«Эстетикалык гармониянын космологиялык типологиясы»** деп аталат.Анда аалам, адам гармониясы иликтөөгө алынып, Абу Наср Аль-Фарабинин жана Абу Али Ибн Синанын эстетикалык көз караштары онтологиялык жана дүйнө тааным системасы

менен тыгыз байланышкан, философиялык эстетика, дүйнө жана адамдын жалпы системасынын бир ракурсу катары каралат.

Фарабинин дүйнө таанымы универсалдык гармониянын принцибине баш ийген. Аль-Фараби боюнча космостогу гармония, баарынан мурда, ар бир объектини өз ордунан табуу, демек, космостук гармония дүйнөлүк телолордун ыңгайлуу жана өз орду менен жайгашуусу. Аль-Фараби гармониянын проблемаларын физикалык (адам денесинин гармониясы), музыкалык-теориялык жана космологиялык жактан ар тараптуу изилдеген. Айрыкча, музыкалык гармонияны өзүнүн «Музыка жөнүндөгү чоң китеп» эмгегинде мыкты иштеп чыккан. Бул эмгектин негизги идеясы – сезимдин жана эмоционалдык кабыл алуунун ролун эстетикалык критерий катары баса белгилөө. Бул критерийлерди изилдөөдө музыкалык чыгарманы жана аны аткарууну, музыканын элементтерин, анын түзүлүү принциптерин, деги эле жалпысынан музыкалык чыгармачылыкты жана музыкалык инструменталистиканы талдоого алуунун физикалык жана математикалык ыкмалары пайдаланылган. Аль-Фараби аталган эмгегинде музыкалык гармониянын сезим аркылуу кабыл алынган маңызы жөнүндөгү ойлорду өнүктүрүү, негиздөө жана конкреттештирүү аркылуу философиялык–эстетикалык жагдайларды бөлүп көрсөтүүнү өз алдына максат кылып алган.

Музыкалык искусство тарбия берүүчү, магиялык, дарылоочу жана дем алдыруучу кызматтарга ээ, ал адам денесине сулуулук берүүчү гимнастика сыяктуу, музыка адам менен адамды жакындаштырат, жагымсыз мамилелерди оңдойт, музыканын бул милдеттери байыркы Грециядан баштап эле калыптана баштаган. «Антикалык көз караштан алганда, максималдуу материалдык пайда алып келген нерсе гана адамды кызыктырат, ошол эле учурда материалдык пайда алып келбеген музыка сыяктуу искусствонун түрү да адамды өзүнө тартат жана кызыктырат».

Фарабинин окуусунда коздук жана сулуулук («хусн») категориясы пантеизмге дал келерлик ылайыктыкта өз чечимине ээ болду жана материалисттик традицияларды өз ичине камтыган. Кооздук менен сулуулукту кабыл алуу субъективдүү көрүнүш, «ар бир адамдын көрө жана кабыл ала билем деп ишенгендиги – бул бакыт», адамдын түпкү максаты - бул кооздукту жана сулуулукту баалай жана барктай билүү. Фараби жаратылыштагы кооздукту түс менен форманын жана мазмундун ылайыктуу айкалышынан көргөн. Жакшылык менен Ырайымдуулук, Чындык жана Кооздук, Фарабинин ою боюнча, дүйнөнүн башкы маңызын түзөт. Кооздук жана сулуулук жандуулардын да, жансыз нерселердин да идеалдык жактан эң жогорку жеткен чеги. Бардык искусство кызматкерлери өз чыгармасында Кооздук менен Сулуулуктун идеалдуу образын жаратканга, жок дегенде ага жакындашканга аракет кылышат.

Аль-Фарабинин көз карашында бирдей эле табигый күчтөр кооздук (жакшы иштер) үчүн да өңү серттик (жаман иштер) үчүн да кызмат кылышы мүмкүн, адамга бул сапаттар табият тарабынан берилген, нравалык жана эстетикалык сапаттар бара-бара пайда болот. Анын пикиринде психикалык күчтөр, башкача айтканда башка жаныбарлардан айырмаланган ойлоо жөндөмү да, адамга табияттан берилген. Ойлоо жөндөмү аркылуу адам илимге жана искусствого жетишет, өзүнүн жана башкалардын аракеттерин жакшы же жаман деп айырмалайт. Жыйынтыктап айтканда, Фараби сулуулуктун төмөнкү эки аспектисин бөлүп көрсөтөт, алар акыл (ички рухий сулулук) жана физикалык түзүлүш (дененин тышкы сулуулугу), акылсыз дененин сулуулугу эч нерсеге арзыбаган жансыз кооздукка окшош.

Неоплатончулардын Биримдүүлүктүн, адамдын ага жакындашы, дүйнөлүк рух жана анын ар түрдүү кызматтары, Акыл жана Жарык жөнүндөгү окуу, сактап калуунун асмандык жана жердик ыкмалары жөнүндөгү окуулары Ибн Синанын эстетикасынын диний-философиялык мазмунунун негизи болгон.

Абу Али Ибн Сина «Сүйүү жөнүндөгү» трактатында сулуулук менен кооздуктун проблемалары философиялык-эстетикалык концепция менен чечмеленген. Эгер сулуулук жана кооздук жөнүндөгү окууларынын негизги принциптеринде Аль-Фараби Гераклитке, Демокритке жана Аристотелге жакын болсо, Ибн Сина бул эмгегинде өз көз караштарын платондук багыт боюнча трактовкалайт. Ибн Синанын трактовкасында адамдын сулуулугу сүйүү маселелери менен тыгыз байданышкан. Улуу ойчул сүйүү адамдан тышкары да чындыктын бардык кубулуштарында, ар бир индивидуалдуу жаныбарда, жансыз субстанцияларда болот деп эсептеген. Сүйүү эстетикалык жана философиялык категория катары ойчулда адамга ички жана сырткы күч-кубат берүүчү энергия жана ошондой эле бардык жаныбарлардын ички максаты катары каралган.

Ар бир адамдын сүйүү тарыхы – анын дүйнөгө карата мамилесинин тарыхынын чакан бир бөлүкчөсү. Жаш бала, анын жан дүйнөсү өзүнүн тазалыгы менен сулуу, чоңойгон сайын ал көбүрөөк тажрыйбага ээ болуп, башкаларга жакшылык жасоого умтула баштайт, бирөөгө пайда келтирүүдөн, көңүлүн көтөрүүдөн рахат ала билүү - бул улуу нерсе. Сүйүү терең алып караганда «бардык кооздукту жана сулуулукту жактыруу, аларга колдоо көрсөтүү». Бул принциптерге ылайык Ибн Сина сулуулук – бул сүйүү, адам андан чоң рахат алат деп белгилейт.

Ибн Синанын эстетикалык концепциясындагы адам Кудай берген иерархиядагы эң мыкты жана эң сулуу жан, себеби анын акылы дээрлик бардык нерсеге жетет, жогору карай умтулат, ал акыл-эстин күчүнө ээ. Ибн Сина диний-идеалисттик көз караштардын чегинен чыкпаганы менен

жаткан жана сүйүүнүн тазалыгын түзгөн» рахатка жана канааттанууга татыктуу болгондугун колдоого алат. Адам кооздукту өзү акыл менен жаратат жана ошол эле учурда Ибн Синанын Кудай берген иерархиясындагы сулуулуктун элеси жана ал бул керемет көрүнүштү чагылдырып турат.

Ибн Сина боюнча музыка да сүйүү сыяктуу эле көрүнүш, себеби ал да сүйүү сыяктуу эле сапаттарга (гармониялулук, жагымдуулук, өлчөм менен баалануучулук ж.б.) ээ болуу менен адамды өзүнө тарткан нерсе, ал музыканы жалпысынан жагымдуу образдардын разрядына киргизет. «Акыл-эстүү бардык адам жана ал тургай жаныбарлар да гармониялык үн сыяктуу бардык тарабы төп келишкен, жанга жагымдуу жана эстетикалык рахат тартуулай турган нерселерди жактырышат». Музыкалык чыгарманын гармониялуулугу Ибн Сина тарабынан анын көркөм-эстетикалык баалуулугу менен тыгыз байланышта каралат. «Музыка обондуулугуна, тондордун жайланышына жана композициясына карап адам үчүн жагымдуу же жагымсыз болушу мүмкүн. Музыканын баары эле көңүлдүү маанайда болбойт, муңдуу, ойго батырган же сагынычты жана арманды билдирген тестке жазылган обон ага шайкеш келүүгө тийиш». Искусство чыгармаларындагы мазмун менен форманын биримдигинин жана алардын байланышынын зарылдыгынын музыкага да тиешеси бар, тилекке каршы, кийинки айрым ырларда обондуулук жок болуп, кургак ыргак менен эле кетип жаткан учурлар да көбөйүп кетти. Музыканын гармониялуулугу жана уккулуктуулугу угуучунун кызыкчылыгын канааттандырып, анын табитине мүмкүн болушунча дал келүүгө тийиш.

Улуу ойчул музыканын турмуштук, ак ниеттикке чакыруучу жана этикалык касиеттерин бекем белгилеп, бул касиеттердин бардыгын интеллектуалдык жана нравалык обликтерди калыптандыруу менен адамга кызмат кылууга чакырат. Бул аркылуу Ибн Сина адамга кооздукка жетүүгө жардам берүүгө, ага жогорку эмоционалдуу жана рухий канааттануу тартуулоочу музыканы түшүндүрүүгө умтулган улуу гуманист адам катары көз алдыга тартылат. Ибн Синанын музыкалык эстетикасынын баалуулугу азыркы мезгилде да өз күчүндө жана ал түбөлүк өз баасын жоготпойт.

Экинчи параграф **«Поэтикалык искусствонун эстетикалык табияты»** деп аталып, анда антикалык перипатетизмден шык алган орто кылымдардагы Чыгыш поэзиясындагы, музыкасындагы, кол өнөрчүлүгүндөгү, дегеле искусствосундагы адамдарга эстетикалык рахат тартуулаган жагдайлар каралган.

Рудаки, аль-Мутаннаби, Абулкасым Фирдоуси, Абу Насра Аль-Фараби, Абу Али Ибн Сина, Омар Хайям жана ошондой эле «жаңы» акындардын өкүлдөрү Башшар Ибн Бурд, Абу Нувас, Абу-л Атахийлер өз

чыгармаларын эркин деңгээлде жаратышып, өлбөс-өспөс мурастарын кийинки муундарга калтырышкан. Алар өз чыгармаларында карапайым элдин маанайын жана калоо-тилектерин чагылдырууга аракет кылышкан, адилетсиздикти сынга алышкан, бул жашоонун жыргалчылыгын жана айлана-чөйрөнүн кооздугун даңкташкан. Бул акындар исламга чейинки сюжеттерди аң-сезимдүүлүк менен пайдаланышып, кайрадан иштеп чыгышкан жана алардын чыгармаларында мистикалык образдар жана диний мотивдер аз болгон же акыл калчоо менен колдонулган.

Поэтикалык искусствонун теориясынын иштелип чыгышы Аль-Фарабинин жана Ибн Синанын окууларында антикалык жана традициялык Чыгыш маданиятынын жетишкендиктерине негизделет. Аль-Фараби рационалист катары өзүнүн идеяларын логикалык тил аркылуу чагылдырганы менен, поэтикалык ой жүгүртүүнүн «көркөм сөз каражаттары менен логикалык жактан кооздолоорун жана жасалгалаарын» моюнга алат, бул деген адамдын ички дүйнөсүнүн руханий-эмоционалдык чагылдырылышы болуп эсептелет. Бул айтылган пикирлер менен адамдын ички дүйнөсү үчүн арналган поэтикалык ой жүгүртүүнүн эстетикалык баалуулуктары ачылат.

Аль-Фараби өзүнүн «Поэзия искусствосунун канондору тууралуу трактат» жана «Поэзия искусствосу тууралуу» эмгектеринде поэзияны искусство катары кароо менен поэзиялык салыштырууну, образдарды жана метафораларды абстракттуу-логикалык ой жүгүртүүнүн формалары менен салыштырат да, мунун негизинде поэтикалык ой жүгүртүүнүн методун логикага кошот. Жанрларды классификациялоо менен Фараби поэтикага чоң салым кошкон. Бул проблеманы иштеп чыгууда ал өзүнүн устаты (Аристотелден) да ары кетип, «улуу ойчул поэзия искусствосун айтпай эле коёлу, софистика искусствосу боюнча изилдөөлөрүнүн да аягына чыккан эмес» деп айткан. Фараби «Поэзия искусствосунун канондору тууралуу трактатында» поэзияны төмөнкүдөй жанрларга бөлөт: трагедия, дифирамб, сатира, комедия, ямб, драма, айнос, диаграмма, сатира, поэма, эпос, риторика, амфигенезис жана акустика.

Аль-Фараби Чыгыш поэзиясынын өзгөчөлүктөрүн изилдөөдө өлчөм, форма, бейт жана ыргак сыяктуу стилистиканын проблемаларына тиешелүү каражаттарды да талдоого алган. Тууроо жөнүндөгү платондук көз караш менен Фараби чечкиндүү түрдө макул эмес. Фарабинин пикири боюнча, «тууроо сүрөттөлгөн нерсенин маңызын билдирүүчү чагылдыруу, жалпылоо аспектисинде жана чындыкты таанып-билүү процессинин формасынын аспектисинде каралган».

Поэзия бардык нерсени туурай бербейт, акындын жүрөгүнөн түнөк тапкан, аны толкуткан окуя, көрүнүш жана табият кубулушу же нерсе гана ырга салынат, сүрөтү тартылат. Мындай чыгармалар: эпикалык,

трагедиялык, дифирамбдык поэзия жана комедия, мындан тышкары аспаптык музыка, архитектура, бий жана живопись. Поэтикалык искусствонун жана тууроонун проблемалары менен Абу Али Ибн Сина да өз салымын кошкон. Аль-Кинди, Аль-Хорезми, Аль-Фарабиден кийин ал Аристотелдин «Поэтикасынан» таасир алуу менен «Сөз искусствосу» трактатын жазган. Окумуштуу бул эмгегинде поэзияга карата өз көз карашын билдирип, анын пайда болуш себептерин изилдейт жана драмалык эмес жанрларга мүнөздөмө берет.

Ибн Сина «Сөз искусствосу» эмгегинде Аристотелдин негизги жоболорун сактоо жана чечмелөө менен философиялык лириканы «мыйзамдаштырып», анын көз караштарын өнүктүргөн жана толуктаган. Грек адабияты сүрөттөөгө жана баяндоого негизделген жана бул тенденцияга негизделип Аристотелдин «Поэтикасында» белгиленген грек поэзиясынын он эки жанры пайда болгон. Ибн Синанын доорундагы фарс тилдүү поэзияда адамдын ички дүйнөсүнүн ар түрдүү абалын ачык баяндоо басымдуулук кылган. Ошол эле мезгилде жаап-жашыруу – «көшөгө» өз ордун ээлей баштап, аллегориялык чыгармалар пайда болгон. Адамдын ички дүйнөсүн, рухий сапаттарын сүрөттөөгө болгон аракеттердин натыйжасы поэзиядагы «Орто Азия феноменин» аныктап, мунун натыйжасында Ибн Сина Аристотелдин «Поэтикасына» жаңыча мааниде мамиле жасаган.

Байыркы гректердин философиясын кабыл алуу менен Ибн Синанын поэзиясындагы сүйүү концепциясы бир топ байыган. Окумуштуунун пикири боюнча, сүйүүнү таза жүрөк гана түшүнө алат жана ага жетишет, бул сыяктуу ойлорду ал өзүнүн «Сүйүү тууралуу», «Канаттуулар», «Чыгыш философиясы» аттуу трактаттарында тереңдеткен. Сүйүүнүн поэзияда чагылдырылышы «Сөз искусствосу» эмгегинде талдоого алынып, улуу ойчулдун гуманизм концепциясы сүйүү менен тыгыз байланышта каралат. Гуманисттик идеалдарга Ибн Сина өзгөчө маани берип, аны денсоолук жана бакыт үчүн күрөшүүнүн куралы катары карайт. Ойчул чындык менен акылмандыкты, сүйүү менен сулуулукту догмадан тышкары философиялык чыгармаларында даңктап ырдаган жана кастык жек көрүүнү четке кагып, абсолюттук жыргалчылыкты аркы дүйнөдөн эмес, бул дүйнөдөн издеген. Аль-Фараби жана Абу Райхан Беруни менен бир пикирде болуп орто кылымдын улуу энциклопедисти Абу Али Ибн Сина Борбордук Азияда Ренессанс маданиятынын философиялык негиздерин түзгөн жана Чыгыш Ренессансынын поэтикалык маданиятынын улуу курулушун кура баштаган.

**«Идея жана гумандуулук парадигмалары коолдук-сулуулуктун алкагында»** аттуу үчүнчү параграфта коолдук, сулуулук

категорияларынын алкагында идеялар жана гумандуулук парадигмалардын философемалык мүнөзү иликтөөгө алынган.

Чындык, сүйүү жана сулуулук менен кооздук, табият менен таттуу мамиледе болуу Аль-Фараби менен Ибн Синанын гуманисттик трактовкаларынын негизи болуп эсептелет. Буга чейин айтылып өткөндөй, сүйүү – бул барып турган сулуулук менен кооздукту жана эң мыктылыктын идеалдарын билдирүүчү жогорку принциптерге умтулуу. Сүйүү төмөнкү жердеги жашоо менен жогорку дүйнөнү байланыштыруучу көпүрө катары кызмат кылат.

Бул эки дүйнөнү дуалисттик карама-каршы коюу, эстетикалык пландан алып караганда, татынакай менен начарды, жакшы менен жаманды айырмалоого мүмкүнчүлүк берүүчү «ички көз караш» идеалынын проблемасын алып чыгат. «Эстетикалык идеал – айлана-чөйрөгө карата адамдын сезимдик мамилесинин үлгүсү, ал искусство чыгармаларында жана ошондой эле сырткы келбетте, материалдык предметтерде таанылат, талдоого алынат». Коомдук өнүгүүнүн ар бир баскычындагы эстетикалык идеал адамдардын өз ара мамилесиндеги гумандуулуктун (адамдык сапат) жана табиятка карата мамиленин деңгээлин билдирген.

Эстетикалык идеал түшүнүгүндө төмөнкү талаптар каралат:

- инсандын эстетикалык өнүгүүсү; орто кылымдык араб-мусулман традициясы үчүн «адеп» жөнүндөгү окуу мүнөздүү болгон;
- адамдын бул дүйнөдө ордун толук табышы, өзүн эстетикалык, этикалык жана акыл жагынан бекемдеши (чыгармачылык «сулуулук жана кооздуктун мыйзамдары боюнча»).

Рационализмге жана гуманизмге сугарылган Фарабинин учурунда философиянын алдында адам менен жаратылыш жараткан баалуулуктарды бири-бирине карама-каршы койбой бир бүтүндүк, гармониялык түзүлүш катары кароо милдеттери турду. Бирок да, ислам дини үстөмдүк кылып турган мезгилде бул улуу милдеттерди аткаруу, оюн ачык жана так билдирүү оңой жумуш эмес эле. Ошентсе да Фараби жогоруда аталган милдеттерди турмушка ашырууга белсенип киришти. Ал өз учурундагы ойчулдардын ичинен биринчилерден болуп адамды жана адам коомун философиялык көз караш менен кароону сунуштап, рационалдуу дүйнө таанымдын чегин кеңейтти.

Орто кылымдардагы мусулман маданиятында гуманизмдин маанилүү белгиси антикалык идеалга жакын болгон (paideia) билимдүүлүктүн, интеллектуалдык жана нравалык маданияттын идеалы болгон. Философтор өздөрүнүн илимий көз караштарын гуманисттик билим берүүнүн жана жалпы эле илимдин тармактарынын жогорку максаты

катары карашкан жана аларга адамдын өнүгүүсүнүн, бакыт менен жакшы жашоого жетүүнүн каражаты катары баа беришкен.

Фараби адамдын жөндөмүнө эстетикалык баа берүүдө адамдын сырткы сулуулугун да, ички сулуулугун (рухий) да диний түшүнүктөр менен байланыштырбайт. Анын инсандын гармониялык өсүшү жана жогорку деңгээлге жетүү жөнүндөгү окуусу кийинки окумуштуулар үчүн кайталангыс негиз болду. Чың денсоолуктун, интеллектуалдык өнүгүүнүн жана жогорку эстетикалык касиеттердин гармониялык айкалышуусу бийик деңгээлдеги адамдын биринчи белгиси.

Аль-Фарабинин эстетикалык ой жүгүртүүлөрүнүн негизги жоболору Ибн Сина тарабынан кабыл алынган жана андан ары өркүндөтүлгөн. Ибн Синанын этика-эстетикалык концепциясында адам жер бетинде жашагандардын эң мыктысы жана акылдуусу, ал акыл-эске ээ, өз акылын иштетүү аркылуу чыгармачылык менен эмгектенет, улуу максаттарга умтулат, жашоого кызыгат, ак ниет шаарды жана анын жашоочуларын коргоого жөндөмдүү. Мына ошондуктан табияттын эң акылдуу жана сулуу жаны катары адам баласы коргоого жана камкордукка алынууга тийиш.

Ибн Сина адамды баарынан мурда биологиялык, табигый жан катары караган, анын табият алдындагы күчтүү жана алсыз жактарын билген жана «адам үчүн кызмат кылган, аны сактоого чакырылган табиятка жардам берүүнү» талап кылган. Улуу даанышман адамга болгон сүйүүсүн философиялык жана этика-эстетикалык чыгармаларында гана эмес, иш жүзүндө да көрсөткөн, анын бүткүл өмүрү адамдарга жардам көрсөтүүгө арналган. Ибн Синанын дарыгерлик практикасы анын гумандуулугуна, ак жүрөктүгүнө жана боорукердигине эң сонун далил.

Ибн Сина боюнча адам Кудай тарабынан жер бетинде кереметтерди жаратуу, анын коздугун арттыруу үчүн жаралган. Демек, анын эстетикалык концепциясында да адам жаратылыштагы эң сулуу жана эң жогорку жан. Адам табияттын гармониялуулугунан жана кооздугунан алган оң сапаттарга, жогорку акыл-эске, көз тойгузган сулуулукка жана алдынкы акылга ээ. Чынында, Ибн Сина адамдын сулуулугуна Кудайдын да оң таасири тийген деп белгилейт. Улуу ойчул адамдын сулуулугун Аль-Фараби сыяктуу эле ички жана сырткы сулуулук деп бөлүп, аны жаштык, келбеттүүлүк жана акыл-эс менен тыгыз байланыштырат. Моюнга алып караганда, ички сулуулук дайыма эле сырткы сулуулук менен дал келе бербейт. «Кээде өңү серт адамдын ички дүйнөсү бай жана ал асыл сапаттарга ээ же тескерисинче, айрым сырткы келбети сулуу адамдын мүнөзү абдан начар» (айдай чырайды иттей кыял бузуптур).

Ойчул мындай дал келбестиктин себебин адамдын өзүнүн табиятынан, анын адаттарынан жана тарбиясынан издейт. Ибн Сина да

Аль-Фараби сыяктуу эле ички (рухий) сулуулукту тышкы сулуулуктан (физикалык) жогору коёт. Бирок ал Платонго окшоп сырткы сулуулук менен жарашыктуу келбетти төмөн чаппайт жана жокко чыгарбайт, ал тууралуу суктануу менен сүйлөйт жана бир топ маани берүү менен сырткы сулуулукту ички сулуулукка болгон кошумча жана толуктоо катары көрөт.

Ибн Сина ар кандай индивиддин башка индивидге карата формалдуу теңешүүсү анын тубаса шык-жөндөмүнүн ачылышына жана калыптанышына шарт түзөт деп эсептеген. Нравалык жүрүм-турумдун эң жогорку деңгээли жана багыты адам улуу нерсеге умтулганда гана өз максатына жетет. Адам жаныбарлык туюу-сезимди жеңип, таанып-билүүнүн бийиктигине жеткенде бактылуу болот жана башкаларды бактылуу кыла алат, мында жекече кызыкчылык эске алынбоого тийиш жана адамдын ички жан дүйнөсүндө толук гармония өкүм сүрүүсү зарыл.

Ибн Сина боюнча, адам башка бирөөгө акыл-насаатын айта ала турган даанышмандыкка, Ата Мекенин коргоого зарыл болгон каармандык менен кайраттуулукка, денсоолугун сактай ала турган жөндөмгө, урмат-сыйга ээ боло алчу адилет сапаттарга, башкаларга кайрымдуулук көрсөтө ала турган ак жүрөктүккө жетише алганда гана чыныгы бактылуу боло алат.

**«Чыгыш Ренессансындагы кыргыз мейкиндиги»** деген параграфта орто кылымдардагы кыргыз элинин дүйнө таануусу, социотарыхый жана социомаданий абалы иликтөөгө алынат. Ошону менен бирге Чыгыш Ренессансынын социомаданиятынын табиятын түзгөн тарыхый-философиялык концептуалдуу дүрмөткө эгедер «Куттуу билим» трактаты жана кылым карыткан мындай чыгарманы жараткан чыгаан ойчул Жусуп Баласагын жашаган кыргыз жери Чыгыш Ренессансынын чакан мейкиндиги катары каралат.

Диалектикалык окуудан белгилүү болгондой, жалпылык менен жекелик өз ара эриш-аркак жашап, бирин-бири шарттап турат, кала берсе, ар кандай чындык аталган категорияларды салыштыруудан айрыкча даана көрүнүп турат. Ушул айныгыс аксиоманын фонунда биз төмөнкү пикирди ортого салмакчыбыз: негизинен кыргыз элинин материалдык, маданий жетишкендиктерин жалпы Чыгыштын маданиятынан ажыратып кароого болбойт. Ал эми бул маданият өткөн миң жылдыктын башында өтө бийик чекитте болгон.

Биздин замандын IX-XII кылымдарында Тянь-Шань кыргыздарынын коому жана маданияты белгилүү баскычта өнүккөн. Ал ошол кездеги Борбордук Азия элдеринин жана Чыгыштын үлкөн цивилизациясынын бөксөсүн толтуруп турган. Ошону менен катар бул мезгилдерде кыргыздардын башка элдер менен болгон байланыштары кеңейип, ар

тараптуу өз ара мамилелерге ээ болгон. Ошондуктан да бул мезгил кыргыз улутунун калыптануусуна терең негиз салган доор болуп саналат.

Батыштын жана Чыгыштын маданиятынан жана ой-жүгүртүүсүнөн өзгөчөлөнгөн көчмөн маданият, Борбордук Азия тарыхынан белгилүү болгондой, өз алдынча цивилизацияга ээ. Ал цивилизация кийинчерээк «номаддык» деген аталышка конгон. Аталган цивилизацияны Египеттин, Вавилон, Кытай жана Грециянын маданиятына салыштырууга болбойт. Анткени ал спецификалык ой-жүгүртүүнү чагылдырган, өзгөчө маданий системага ээ.

Борбордук Азиянын карт тарыхында өчпөс из калтырган көчмөн элдердин маданияты таасын изилденбей келатат. Анын жалпы тили, жазуусу, дили, жашоо таризи, үрп-адаты, каада-салты тарых булактарынан өзүнүн татыктуу ордун ээлей элек. Чексиз кең мейкиндиктеги талааларды, чөлдөрдү, көлдөрдү, агымы шар сууларды, адырлуу кокту-колотторго бай тоолорду ээлеген көчмөндөр мезгилинде табигаттын төрт мезгилине жараша жаратылыштык кең чөйрөнү орду менен пайдалануунун жогорку маданиятына жетишишкен. Алар ошол чөлкөмдө жашаган белгисиз элдердин жетишкендиктерин, маданиятын өзүлөрүнө сиңирип алуу менен бирге бул нарк-дөөлөттөрдү кеңири аймакка таратышкан.

«Коомдук бытие коомдук аң-сезимди аныктап турат» деген көөнөрбөс философиялык постулатка ылайык элибиздин оозеки чыгармачылыгынын сонун үлгүлөрү да («Кожожаш», «Карагул ботом», ж.б.) мал чарбасына ылайык шайкеш болгон. Көчмөндөр кийинки мезгилдерге чейин таза адебин, калыптанган каада-салтын сактап келгени маалым. Элибиздин байыркы маданий деңгээлин көрсөткөн эстеликтердин сейрек кездешкен түбөлүктүү сүрөт жазуулардын, оозеки чыгармалардын, уламыш, дастан, санжыралардын баа жеткис баалуулуктарына, асылдыгына учурда дүйнө элдери таңданышууда. Ушундай удургуган оомал-төкмөл турмуштан ата-бабаларыбыз кезинде кат чийип, китеп жазуу өнөрүн көп учурда жоготуп алып, көргөн-билгенин, уккан-туйганын, баштан кечиргенин куйма кулак уламалар аркылуу урпактан урпакка улуу баян, узун сөз кылып, кылымдар бою мурастап жүрүп отурду.

Башка элдер өзүнүн өткөндөгү маданиятын, тарыхын жазма адабиятта, скульптурада, архитектурада, театр, сүрөт искусствосунда сактап келген болсо, көчмөн кыргыздар өзүнүн бүткүл аң-сезимин, ар намысын, күрөшүн, көздөгөн максатын оозеки чыгармаларда чагылдырып, ошол эле жол менен муундан муунга өткөрүп, кийинкилер мындай казынаны улам заманбап кылып, өзгөртүп, байытып келген.

Кыргыз элинин мына ошондой байыркы ата мурасынын эң туу чокусу - улуу «Манас» эпосу өзүнүн кайталангыс көркөмдүк кубаты,

нечен кылымдардын кайгылуу, оор окуяларын тулку боюна трансформациялап, ыймандык, философиялык мазмундуу жыйынтыктоолору жаатында, элдин тагдырын жашоо-тиричилик, жоокерчилик, үй-бүлө шарттары, ар түрдүү салт-санаа, социалдык коомдук турмуш аспектисинен кеңири жана толук кандуу камтышы жагынан дүйнөдөгү эң сейрек кездешкен дүйнөлүк поэтиканын үлгүсү болуп саналат. Дастанда байыркы кыргыздардын география, астрономия, медицина, зергерчилик, аскер өнөрү жөнүндөгү түшүнүктөрүнө байланыштуу маалыматтар топтолгон. Кыскасы «Манас» - кыргыз элинин тарыхы, чарбачылыгы, турмуш-тиричилиги, үрп-адаты, салт-санаасы, эстетикалык табити, этикалык ченемдери, медициналык, географиялык, диндик түшүнүктөрү, эл аралык соода байланыштары жана көптөгөн көркөм формада чагылдырылган чыгармасы. Ошондуктан эпос элибиздин тарыхын, философиясын, этнографиясын, сөз өнөрүн, психологиялык жана социалдык руханий турмушунун түрдүү жактарын изилдөөнүн бай булагы болуп саналат.

«Жазуу бар жерде цивилизация бар» деген аксиома бар. Ал эми ташка чегип жазуу иши көчмөн кыргыздардын өзгөчө бир искусствосу болгон. Көчмөндөр өтө баалуу маалыматты, ойду ташка чегишкен. Себеби таш көчмөндөр чече албаган маалыматты сактоо проблемасын чечип берип жатат. Таш башка жазуу материалдарынын ичинен мезгилдин ченеми боюнча эң эле туруктуусу болгон. Ошондуктан жазуу материалы катары көчмөндөр ташка өзгөчө мамиле кылышкан. Байыркы кыргыздар ташты рухий маданиятты муундан-муунга өткөрүп берүүчү курал (кагаз) катары пайдаланышса, байыркы египеттиктер андан материалдык маданият - пирамидаларды курушкан. Демек, мейкиндик, мезгил жагдайында биринен-бири алыс турган эки эл бир эле буюмду дээрлик окшош баалаган.

Көчмөн кыргыз элинин өзгөчө аалам түшүнүгү, дүйнөгө карата көз карашы болгон. Анын негизи теңирчилик философиясы болуп саналат. Атап айтканда, «Манас» эпосунун философиясынын генезиси теңирчиликте жатат.

Теңирчилик түрк элдеринин, анын ичинен кыргыздардын байыркы диний ишеними катары эсептелинип, көчмөн калктардын дүйнө таанымы жана философиясы болуп саналат. Анткени, бул ынаным элдин рухунда, Көктүн, Жердин, Адамдын жаралышы, байланышы, космологиялык миф, уламыштардан тартып оозеки чыгармачылыктын бардык түрүндө байма-бай жашайт. Теңирчилик – байыркы көчмөндөрдүн асем дүйнөсүндө (эстетикасында) байыркы таштарга чегилген сырлуу белгилерден тартып, көк чапчыган табышмактуу сүрөттөр, татаал сюжеттер, жандуу табият, скиф айбанат стили, жасалга, колдонмо өнөрү, оймо-чийме, ала кийиз,

шырдакка чейин жөнөкөй мазмундан татаал символикага өсүп, бир ырааттуу, эволюциялуу өнүгүп келген, көркөм өнөр эле эмес, дүйнөнүн ички сырын өздөштүрүп, өрлөгөн материалдык тааным болуп да эсептелет.

Теңир-Тоодогу түркий калктар, анын ичинде кыргыздар, шарттуу түрдө «Мусулмандык Ренессанс» деп айрым илимпоздор айтып жүргөн илимий жана маданий өнүгүү заманын башынан өткөрүп жаткан чөлкөмгө ыктыярдуу баш кошушту. Мурдагы Саманийлерге таандык Бухара, Самарканд шаарларынан башка да атагы алыска тарай баштаган илимий жана маданий борборлор Кашгар, Баласагын, Барскоон, Фараб, Өзгөн, Ош, Тараз шаарлары баш көтөрө баштады. Көптөгөн шаарлардын мечиттеринде диний жогорку окуу жайлар - медреселер ачылып, аларда диниятчылардын сабагынан башка этика, логика, философия, адабият, тарых, география, алгебра, тил сыяктуу диний эмес сабактар өткөрүлгөн. Ар бир мечитте өзүнчө китепкана курулгандыгы сыймыктанчу көрүнүш.

Ушундай кырдаалда Батыштан Түркстанды көздөй далай илимпоздор жана диниятчылар келип-кетип турушкан. Өз кезегинде Кара Кагандар дөөлөтүнүн билимдүү адамдары ажылыкка гана эмес, илим-билим алуу үчүн да Ортоңку жана Жакынкы Чыгышка сапар тартышкан. Ошондуктан да кыргыз мейкиндигинде ислам дининин таралышы менен араб философиясын окуп үйрөнүү интенсивдүү мүнөздө болгон. Поэзия, тарых, география сыяктуу айрым тармактарда фарсы тилинде да көрүнүктүү эмгектер жаралган. Ушул жалпы өөрчүү мезгилинде мусулман динин кабыл алган түрктөрдүн поэзиясынын бермети болгон Баласагындык Жусуптун «Куттуу билим» эмгеги жана Махмуд Кашгаринин «Түрк тилдер сөз жыйнагы» да ушул мезгилдин чыгармасы.

Диссертациянын **«Куттуу билим» трактатындагы эстетикалык парадигмалардын имплициттик мүнөзү»** аттуу үчүнчү главасынын биринчи параграфы **«Баласагындын доору жана анын маданий-эстетикасынын өбөлгөлөрү»** деп аталып, анда Жусуп Баласагын жашаган мезгилдин социомаданий абалы жана «Куттуу билим» чыгармасынын жаралуусуна таасир эткен жагдайлар белгиленген.

Мусулман дүйнөсүн изилдөөчүлөр X-XII кылымдардагы Жакынкы жана Ортонку Чыгыштын араб-мусулман дүйнөсүнүн идеялык-маданий өнүгүшүндө бири-бирине карама-каршы келген эки тенденция болгон деп туура белгилешкен. Биринчиден, ошол мезгилдин баш чендериндеги философиялык өнүгүү (бирок да, бул мезгилдин аяк ченинде төмөн түшүү болгон). Экинчиден, «традиционализмдин кайра жаралуусу», жаңы көз караштарга жана сырткы таасирлерге туруштук берүү үчүн мусулман традиционализми колдоого муктаж болгон. Бул үчүн жаңылардын баары эле четке кагыла берген эмес, алардын айрымдары өздөрүнүкү катары

өзгөртүлүүлөр менен кабыл алынган жана эски салттарга ылайыкташтырылган. Мына ушундай жол менен рационалдуу жана акыл-эс менен кабыл алынган элементтер исламга киргизилген да, анда схоластикалык Кудай таануу системасы – калам киргизилген.

Баласагындын мезгилиндеги болуп жаткан процесстер О.Шпенглер сунуш кылган «тарыхый псевдоморфоза» түшүнүгүн да өз ичине камтып кетет. «Псевдоморфоза» термини айрым кристаллдардын ички структурасынын тышкы түзүлүшүнө жана ошондой эле бир минерал сырткы белгилери боюнча башкасына карама-каршы келгендигин билдирүү үчүн минералогияда колдонулат. О.Шпенглер: «Четтен келген эски маданият мамлекетке кирип, өлкөнүн жаңы маданияты кысымга алынат, натыйжада ал өзүнүн таза формасына ээ боло албаганы аз келгенсип, өздүк жаңы маданият өзүн-өзү сезе албай да калат. Мурдатан келе жаткан жана калыптанган традиция жат жашоонун көңдөй формасына келип куюлат, жаңы сезимдер эски чыгармаларга кирип катып калат, өздүк чыгармачыл күчтөрдүн өнүгүүсүнүн ордуна четтен келген жана түпкүлүктүү элдин улуттук, уруулук менталитетине туура келбеген маданиятка болгон жек көрүү күчөйт».

Биз сөз кылып жаткан доор жөнүндөгү Л.Н.Гумилевдун мүнөздөмөсү кызыгууну жаратат, ал ислам дүйнөсүндөгү этномаданий доминанттардын алмашуусу (диний, саясий, идеологиялык же диний баалуулуктардын системасы) жана жүрүм-турумдун эрежелеринин стереотиби мүнөздүү болгон «сынуу», «кыйроо» фазасын бөлүп көрсөтөт. «Сынуу», «кыйроо» фазасы курактык ооруга окшош, иммунитетке ээ болуу үчүн аны жеңип өтүү зарыл. Мурунку жана кийинки уруулардын этникалык байланышындагы инерциялык фазадан көп жаман көрүнүштөр келип чыкпайт, себеби мында химерлер эмес, симбиоздор пайда болот да, этносоциалдык система татаалдашат. Жогоруда айтылгандай сынуу, кыйроо фазасын жеңил басып өтүү зарыл, бирок Гумилевдун ою боюнча, араб-мусулман суперэтносу муну жасай алган эмес.

Л.Н.Гумилев бул доорду изилдөө менен мындай жыйынтыкка келет: X-XI кылымда Жакынкы Чыгыш өлкөлөрүндө прогрессивдүү экономикалык өнүгүү болгон эмес, буга такай болуп туруучу уруш-талаштар, ири согуштар да себеп болгон. XI кылымдын башында эл орун-очок алып жашап, дыйканчылык менен алектенген жерлерди, мусулман суперэтносунун цивилизациялуу бөлүгүн химералар башкарып турган. Ирак менен Батыш Иранда дейлемиттик араб-фарс химерасы – халифат; Чыгыш Иранда түрк-ирандык – газневиддик султанат; Мавераннахр менен Кашкарда түрк-тажик Илекхандардын (Караханиддердин) мамлекети, Аму-Дарыянын төмөн жагында болсо түрк-хорезмдик падышачылыктары бийлик жүргүзгөн. Сибирь менен Месопотамиядан башка бардык

жерлерде социалдык уюмдашуунун моноэтникалык принциби бузулган, Аравия менен Бахрейнде XI кылымда Кармат мамлекети мыкты өнүккөн, таң калычтуусу, Багдадда этникалык баалуулуктар жоголуп, антисистема, тескерисинче, жогоруда аталган мамлекеттерде этникалык араб облигин сактап калган, бирок анын таркалышы чектелип калган. Кармат эмиссарлары бүткүл Иран боюнча үгүттөө иштерин жүргүзгөнү менен алар дейлемиттерден жана түрк гулямдарынан жеңилүүгө учураган, демек, карматтык коркунуч этникалык системанын чыңдалышына өбөлгө түзгөн деп айтууга толук мүмкүн жана бул этногенездеги алга жылууларды камсыз кылган.

Жыйынтыктап айтканда, Жусуп Баласагындын доорун андагы ийгиликтерге карабастан, «химералардын» же «тарыхый псевдоморфозалардын» мезгили деп мүнөздөөгө болот. Улуу ойчулдун поэмасынын акыркы главаларында көңүл калуу, капа болуу, кайгыруу жана пессимизм маанайындагы ойлордун берилишине да, биздин оюбузча, ушул себептүү болгон.

Жусуп Баласагындын дүйнө таанымын, биринчиден, мусулман традиционализминин контекстинде, башкача айтканда, позитивдүү диний системада кароо зарыл. Бул дүйнө тааным, жогоруда айтылып өткөндөй, түрктөрдүн саясий ролу, исламды ички идеялык душмандардан коргоо менен аныкталган. Тилекке каршы, исламдын «идеялык душмандарынын» катарына анын чыныгы душмандары исмаилиттер жана карматтар менен катар фалсафанын жана чыгыш ойчулдарынын өкүлдөрү да кирип кеткен. Балким, Чыгышта фалсафанын өнүгүшүнүн төмөндөшү жана анын борборунун Халифаттын батыш чектерине жылышы да ушул жагдайларга байланыштуу болгон. Экинчиден, Баласагындын дүйнө таанымын суфизмдин контекстинде кароо зарыл. Буга чейин белгиленип өткөндөй, түрктөрдө суфизм бир топ ийгиликтерге ээ болгон, себеби мусулмандардын Теңир, ыйык Жер-Суу, Умай эне жөнүндөгү көз караштарын жана ата-бабалардын дүйнө таанымын суфизм менен өз ара байланыштырып синтездөөнүн мүмкүнчүлүгү түзүлгөн.

Жусуп Баласагындын поэтикалык философиясы жазма булактар жана эпикалык чыгармалар аркылуу бизге чейин келип жеткен түрк руханий маданиятынын байыртадан келе жаткан салттарына негизделген.

А.Х.Касымжанов: «Баласагын ислам менен кошо жогорку маданият, ал тургай мусулман дининин түпкүрүндө сиңип жаткан таанып–билүүчүлүк баалуулуктар да келгендигин түшүнгөн»,- деп туура белгилеген. Жусуп Баласагын өзүнүн трактаты менен универсалдуу, гуманисттик жана агартуучулук максаттарды алдына коёт, билим алуунун ар бир инсанга жеткиликтүү болушу анын тилеги болгон. Анын «Кут алчу

билим» этика-дидактикалык чыгармасын жекече гуманисттик алга умтулуу, өз мезгилинен алдыга чыгууга аракет деп эсептесек болот.

Эмгектин экинчи параграфында **«Жусуп Баласагындын дүйнө таанымы»** илимий-философиялык тескөөгө алынат. Жусуп Баласагындын дүйнө таанымын исламдан сырткары кароо мүмкүн эмес. Араб жылнаамалары Караханид элитасын Аллага берилгендер, дин ишенимдерин толук аткаргандар жана «окумуштууларды, диний ишмерлерди колдогондор» катары сүрөттөйт. Баласагындын поэмасы абдан татаал чыгарма, трактат ирилешкен ыр формасында – масневи түрүндө жазылган жана автордун ою басымдуу түрдө символикалык образдар менен берилип, мындан суфий табиятынын таасирин байкоого болот. Масневи жанры тууралуу Е.Э.Бертельс мынтип жазат: «Бул орто кылымдык мусулман маданиятында пайда болгон дидактикалык диний-философиялык поэма, суфий эпосу. Бул жанрдын өзгөчөлүгүнүн бири – дүйнөнүн бүтүн метафизикалык картинасын түзүү, анын башка бир стили – санат-насыят, үлгү ырларынын топтому. Диний-философиялык догматиканы талдоого алуунун, дидактикалык поэзиянын традициялык белгилеринин туруктуулугу, балким, дүйнөнүн биримдигин таанууну талап кылуучу исламдын негизги принциби – таухиддин туруктуулугу менен байланышкан». «Куттуу билимдин» текстинин негизиндеги мындай образ – философиялык эзотерикалык таухид жөнүндөгү окуу болуп эсептелет.

Философиянын грек моделине багытталган мусулман ойчулдары антикалык маданий мурастардын универсалдык духу, байыркы философтордун даанышмандыгы менен араб-мусулман маданиятынын акылмандыгынын байланышын жакшы билишкен. Грек, Иран жана Индия маданиятын кабыл алуу, өздөштүрүү менен (котормо, оозеки маалыматтар жана теориялык ой жүгүртүүлөрдүн жардамы аркылуу) мусулман дүйнөсүндө VII-IX кылымдарда интернационалдык маданият калыптана баштаган, андан ары өнүккөн. Мына ошондуктан да В.К.Чалоян мынтип жазат: «Араб маданияты Сирия, Грек жана Иран булактарынан азыктанган... арабдар фарстар, сириялыктар жана гректер аркылуу Чыгыш маданияты байыган». Окумуштуу андан ары мындай деп туура белгилейт: “Куранга негизделген мусулман дини христиан дини сыяктуу эле зороастризм, христиан, иудаизм, буддизм жана ошондой эле гректерден келген башка идеяларды кабыл алган, өздөштүргөн. Куранда эллинизмдик дүйнөгө мүнөздүү болгон элементтер түз же кыйыр түрдө чагылдырылган». Араб-мусулман философтору тарабынан антикалык мурастарды өздөштүрүү проблемасына көптөгөн окумуштуулар кайрылышкан.

Антикалык идеалга (paideia) жакын болгон билим берүүнүн жана билим алуунун, интеллектуалдык жана нравалык маданияттын идеалы Баласагындын мезгилинде руханий байлыктын маанилүү компоненти болуп эсептелген. Орто кылымдык мусулман дүйнөсүндө билимдүүлүктү билдирүүнүн борбордук термини катары адаb (paideia) жана tadib (paideusis) сөздөрү кызмат кылган. Кийинки сөз билим берүү процессин, биринчи сөз анын натыйжасын билдирген. Демек, *адаб* сөзү адептүү, маданияттуу адамды билдирген. Билим алуунун жана билим берүүнүн философиялык теориясы профессионал философтор менен чектелген эмес, бул түшүнүк жалпы мусулмандардын алдынкы ой жүгүртүүсүнүн катарына кирген. Чындыгында, философиянын айрым мезгилдерде жалпы руханий жашоого таасири чоң болгон, бул таасир этүү системадан же бийликтен улам эмес, илимге жана адабиятка толук аралашып кеткен эркин философиялык ой жүгүртүүдөн улам болгон.

*Адаб* эстетикалык мүнөздү ачык чагылдыруу менен адамдардын бири-бири менен болгон мамилесин, достугун, өз ара жардамдашуусун же карама-каршылыгын, мүнөзүн, ички сезим-туйгуларын ачууга багытталган. Баласагын өзүнүн китебин кооздук жана сулуулук жөнүндөгү чыгарма деп атайт да, аны жогорку адамдар гана түшүнө алат дейт. *Адаб* орто кылымдык Чыгыш мусулмандарында латындын humanitas-ындай эле нравалык, коомдук жана интеллектуалдык миссияны аткарган. Ал шаардыктардын жогорку маданиятын, татыктуу жүрүм-турумун жана билимдүүлүгүн чагылдырган. Адегенде *адаб* адамды маданияттуулукка жана тарбиялуулукка алып баруучу жогорку мусулман маданиятындагы гуманисттик билим берүү катары түшүнүлгөн. Бул гуманитардык маданияттын өкүлдөрү катчылар (катибдер), эл каттоочулар, чиновниктер, адабиятчылар жана сарай кызматчылары болгон.

Баласагындын дүйнө таанымынан неоплатондук идеялардын татаал синтезин байкайбыз. Аталган идеялар антикалык коомдун кулашы менен кыйраган эмес, тескерисинче, христиан дини менен, андан кийин мусулман жана иудей монотеизми менен өз ара байланышып, андан аркы өнүгүүгө ээ болгон. Монотеисттик кудай таануу идеалдуу дүйнөнүн концепциясына да, идеялардын материяга өтүү теориясына да, жан дүйнөнүн өлбөстүгүнүн негизделишине да жана ошондой эле чындыкка символикалуу түрдө түшүнүк берүүгө да бир эле мезгилде муктаж болгон. Неоплатонизм эманация (философияда бир көрүнүштөн башкасына өтүү) тууралуу, башкача айтканда, дүйнөнүн өзүнүн Кудайга айланышы үчүн кудайлык касиеттердин белгилүү өнүгүү деңгээлиндеги дүйнөгө өтүшү жөнүндө үйрөткөн.

Демек, илим жана таанып-билүү, башкача айтканда, Жусуп Баласагынга тиешелүү болгон философия билим берүү, билим алуу (анын ичинде, өз алдынча билим алуу), терең маанисинде алып караганда, эл агартуу менен тыгыз байланышкан. Чындыкка жана адилеттикке умтулууну, акыл-эсти өстүрүүнү, тарбиянын бардык тараптарын, анын ичинде эл-жерди коргоо маселелерин Жусуп Баласагын поэтикалык жана чечендик өнөр менен жалпы калкка жеткиликтүү түрдө ырга салып бере алган. Баласагындын дүйнө таанымынын спецификалык өзгөчөлүгү деп акыл-эс менен ишеним, динди баланстоо, өз ара айкалыштыруу; илим жана акыл-эс деп «бардык иштердин негизи болгон» жөндөмдү, ал эми «бардыгын өз ичине камтыган ишеним жана дин» деп чындыкты түшүнгөндүктү айтууга болот.

Ал эми **«Куттуу билимдин» илимий-эстетикалык рефлексиясы»** аттуу үчүнчү параграфта улуу ойчулдун трактаты али күнгө чейин көөнөрбөй, тескерисинче ага кызыгып, изилдегендердин географиясы кеңейип бараткандыгы жана эмгектин тили, изилдөөдөгү айрым маселелер тууралуу талдоо болот. Аларга байланыштуу ой-пикирди далилдөө максатында диссертант сөз болуп жаткан поэманын жана анын авторунун тегерегиндеги изилдөөлөргө ретроспективдүү анализ жүргүзөт.

Чыгыш таануучулардын (востоковед) жана түркологдордун арасында Баласагындык Жусуп жана анын «Куттуу билим» эмгеги кеңири маалым. Ошон үчүн да дүйнөнүн көптөгөн окумуштуу-илимпоздорун, анын ичинен тарыхчыларды, философторду, тилчи-адабиятчыларды ж.б даанышман ойчул жана анын чыгармасы кызыктырып келгендиги тегин эмес.

Гносеология мыйзамга ылайык, бир эле маңыз ар түрдүү кубулат, бул көбүнчө таанып билүүчү субъектиге байланыштуу. Ошол сыяктуу Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» дастанын дүйнөнүн булуң-бурчундагы элдер ар башка аташкан. Ошондуктан бул китепти ирандыктар «Шах китеби», араб өлкөсүндө «Өкүмдардын зыйнаты», Кытайда «Мамлекет түркүгү», турандыктарда «Куттуу билим», ал эми айрым жерлерде «Өкүмдарларга осуят китеби» деген наамдар менен таанымал болгон. Демек, аталган чыгарма ар бир элдин жеке мүдөөсүн, арманын, үмүтүн так чагылдырып, ошол учурдагы глобалдуу проблемаларды көтөргөндүктөн, ар кайсы жамаат ага өзүнө жаккан ат койгон.

Кийинки учурларда Жусуп Баласагын жана анын чыгармасын изилдеп-иликтөөдө ар кандай факты-далилдерге таянышып, өз улутуна таандык кылуу аракеттери көбүрөөк кездеше баштады. Көбүнчө уйгур илимпоздору Жусуп Баласагынды уйгур элинин атуулу катары карап, анын чыгармасын ушул элдин мурасы экендиги жөнүндө айтышып келүүдө. Илимпоз А.И.Нарынбаев: «Всему цивилизованному миру

известна уникальная дидактическая поэма «Кутадгу билиг» выдающегося уйгурского поэта, мыслителя и общественного деятеля Юсуфа Хас Хаджиба Баласагуни», - деп Жусуп Баласагынды уйгур улутуна тиешелүү инсан экенин баса белгилеген. Ушундай аракеттер казак, өзбек окумуштуулары тарабынан да аздыр-көптүр айтылып келүүдө.

Айтып олтурса, кыргыз окумуштуу-илимпоздорунун тагдырында жогорудагыдай фактылар арбын. Жусуп Баласагын сыяктуу залкар инсандарды ар бир эл өзүнүн уулу катары көргүсү келет. Акын-философтун эмгегинен өзүнүн элине таандык элементтерди таап, мүмкүн болушунча башкаларды дагы ынандырууга аракет жасашат. Бул табигый көрүнүш, бирок түрк элдеринин тарыхы, маданияты, тили, дили, салт-санаасы, үрп-адаттары көп жагынан окшош, үндөш болгондуктан жана алар орто кылымдарда бир эле чоң түрк деген элдин уруу-уруктары катары жашап турушкандыктан, бир караган адамга бул маселеде бөлүшө турган эч нерсе жок. Өзгөчө, орто кылымдагы жана ага чейинки маданий мурастар чынында да тең орток эле. Ошол себептүү бир катар маданий мурастарды түрк элдерине бирдей орток мурас деген көз караштын көбүрөөк чындыгы бар. Демек, орто кылымдардагы даанышмандарды Аль-Фараби, Бируни, Махмуд Кашкар, Жусуп Баласагын ж.б. бүтүндөй түрк элдеринин жалпы мурасын алып жүрүүчүлөрү катары баалаганыбыз абзел. Ушул өңүттөн алып караганда, Жусуп Баласагын кыргыз жеринен чыккан, бирок, жалпы түрк элдерине тиешелүү улуу инсан, анын чыгармасы түрк элдеринин рухий орток мурасы деп айтканыбыз адилеттүү. Анткени менен гениалдуу инсандар адамзаттык улуу гуманизмди туу туткан ойлорду жазып, жалпы адамзат уулуна айланышып кетишкен. Жусуп Баласагын болсо ошондой инсандардын бири. Керек болсо, бул жерден диалектикалык жекелик, өзгөчөлүк, жалпылык категорияларынын эриш-аркак байланышы жаркын көрүнүп турат.

Х кылымдан тартып бүгүнкү күнгө чейин жеткен даанышман ойчул бабабыз, мамлекеттик ишмер, акын-философ Жусуп Баласагындын чыгармаларынан көптөгөн элдер тарбия алыпкеле жатат. Бирок эңөкүнүчтүүсү, биз кылымдар аралыгында Жусуп Баласагын өңдүү улуу инсандарды жана алардын чыгармаларын унутуп, көңүлдүн борборунан сырткары койгонбуз. Өткөндөгү жол коюлган бөксөнү толтуруу максатында бүгүнкү күндө кыргыз коомчулугу тарабынан акын-ойчулдун мурастары ар тараптуу изилденип, баласагын таануучулардын жаңы мууну-тарыхчылар, философтор, тилчи-адабиятчылар өсүп келе жаткандыгы кубанычтуу жөрөлгө. Баласагындык Жусуп жана анын «Куттуу билим» эмгеги дагы да ар тараптуу изилденүүгө, иликтенүүгө толук татыктуу.

**«Метафилософия жана эстетикалык концепттер»** аттуу параграфта болсо Кудай, дүйнөнүн жаралышы, айлана-чөйрө, акыл-эс, жан-дүйнө, жалпы эле аалам жана анын ачыла элек сырларынын философиялык системалуулугу жөнүндө ой-пикирлер иликтенип, «Куттуу билимдеги» эстетикалык идеялардын өзгөчөлүктөрү жана баалуулуктары каралган.

Жусуп Баласагындын поэмасынан бул «убактылуу дүйнөнүн» баалуу катмарларын (Адилеттүүлүк, Бакыт, Акыл-Эс) жана тигил «түбөлүктүү дүйнөнүн» баалуулуктарын (кол жеткис) ажыратып кароого болот. Дүйнөнүн Кудай тарабынан жаратылышы, Жерде жашоонун пайда болушу, адамдын жаралышы, анын өсүп-өнүгүшү, социалдык миссиясы – булардын бардыгы атайын тиешелүү образдар менен чагылдырылган диний-этикалык, философиялык жана социалдык-саясий программа. Карама-каршы көз караштар, салыштыруулар, каршы коюулар жана аларды келишүүгө, өз ара байланышка, түшүнүшүүгө алып баруу Жусуп Баласагында поэтикалык учкул ойлор аркылуу чагылдырылган.

Жусуп Баласагында метафизика менен теологияны, философия менен динди өз ара салыштыруу Куранга символикалык-аллегориялык түшүндүрмө берүү аркылуу эмес, философиялык чындыкты талдоого алуу аркылуу ишке ашат. Башкача айтканда, Жусуп Баласагын традициялык түрк баалуулуктарын ортодоксалдык суннизм жана суфизм идеалдарынын баалуулуктары менен синтездөөдө чагылдыруунун поэтикалык-символикалык ыкмасына басым жасаган.

Дүйнөнүн монотеисттик мусулмандык картинасына ылайык Алла – жалгыз Кудай. Алланын жалгыздыгы жөнүндөгү догмат (ат-таухид) исламдын башкы догматы жана мусулмандын бүткүл жашоосу анын эркинде. Исламда (ат-таухид) биринчи кезекте политеизмди четке кагат. Теологияда (ат-таухид) проблемасы Кудай (аз-зат) менен анын атрибуттарынын (ас-сифат), Жараткан менен ал жаратканадардын катышына түшүнүк берүүнүн планында чечмеленген. Алланын табиятынын (вуджуд Аллах, ат-таухид) жана ал аткарган иштердин табиятынын маани-маңызы талкууга алынган проблемалардын негизгилеринен болгон.

Биздин оюбузча, Жусуп Баласагындын метафизикасында неоплатондук идеялар кеңири өнүгүүгө ээ болгон. Балким, анын буга негизги маданий чөйрөдөн (араб-мусулман авторлорунун котормосунан гана эмес, жекече турмуштук тажрыйбасынан да) да, Асмандын жана Теңирдин ролу жөнүндөгү диний натуралисттик көз караштардан да тапкандыгынан улам болсо керек. Неоплатонизмдик окуу орто кылымдагы мусулман-араб философиясынын жана Жусуп Баласагындын дүйнө таанымынын негизги идеялык башаттарынын бири болгон. Орто

кылымдык философиянын спецификасы дин менен байланышта каралгандыктан, ал доордун философиясы диний көз караштар менен чырмалышкан абалда болгон.

Ошентсе да ал Алланын абсолюттук, өзгөрбөс бытиеси менен феноменалдуу, өзгөрүүчү бытиесинин ортолук абалында болгон. Мына ошондуктан, Кудай ал тарабынан бир жагынан түбөлүктүү, эң жогорку түшүнүк катары каралса, экинчи жагынан ага акыл-эстүүлүк менен түшүндүрмө берүүгө жасалган аракеттерди да байкайбыз, демек, ал жарыя кылган баалуулуктар онтологиялык мааниге ээ деп айтаар элек.

Н.Г.Чернышевскийдин ою боюнча эң жогорку сулуулук – искусство аркылуу жаралган чындык. Демек, ар дайым ар кандай көркөм чыгармаларда, поэзияда, жалпы эле искусстводо кооздук, сулуулук табит тартууланат жана чагылдырылат. Философиянын негизги маселесинин рамкасында алганда, албетте, сулуулук алгач жаратылышта жашайт. Бирок ага ар ким, ар кандай – утилитардык, эстетикалык, педагогикалык назар менен карашат. Ошолордун арасынан поэтикалык-эстетикалык таанып-билүү сулуулукту пайда кылат. Себеби, көрүнгөн эле инсан жаратылыштын кооздугун таанып-билмек түгүл баамдай да албайт.

Ошондой сезимтал даанышмандардын катарына толук укук менен Жусуп кирет. Өз чыгармасында ал көркөм тилдин поэтикалык каражаттарын жашаган дооруна жараша чебер колдонгону байкалат. Алсак, акын бир көрүнүш, буюм, нерсени экинчи бирөөлөрү менен салыштырып, алардын маңызын терең ачып көрсөткөнгө аракет кылган. Акын-философтун көркөм мурасында бул жагынан «жыт» түшүнүгүнүн жолу ачылган. Анткени бир жерде ал салыштыруу:

Жакшы жыт коштоп кетти керимселди,
Чулгады аңкыган жыт көктү, жерди – десе,

экинчи жерде метафора каражаты менен берилет:

Чыгыштан жаздын атыр жыты келди …
…атыр жытын чачып турду жүгүнүп.

Өтө парасаттуу, дили таза инсан катары «Куттуу билимдин» автору адам үчүн кол жеткис, таңсык буюмдарга оң салыштырууну колдонгон. Атап айтканда, «…жаздын атыр жыты, бейиштин жыргалындай мээрим берди»; адамзат жактырган куштардын сөзсүз ошол эле адамзат аздектеп мактаган, колдон келсе, чер жазып, эстетикалык рахат алчу жерде жүрүшү шарт.

Булбул сайрайт кубулжутуп гүлзарда,
Күнү-түнү издегенсип бир арга.

Бул өзүнчө эле, мындайча айтканда, поэтикалык логиканын бир көрүнүшү. Метафоранын күчү менен даанышман ойчул жапайы жаныбарларды «адамдаштырат»:

Элик ойнойт гүлдүн терип баригин,
Марал ойнойт сая кууп серигин.

Ал эмес флора да мыйзамды урматтаган, адамдарга мүнөздүү кылык-жоруктарга ээ болот:

Өкүмдарга баардык чөп-чар бүгүлүп,
Атыр жытын чачып турду жүгүнүп.

Көркөм сүрөттөөнүн бир түрү – антитеза (гр. antithesis «карама-каршы» деген мааниде, анти-каршы, теза-ой). Бул каражаттын жардамы менен баяндалып жаткан буюм кубулуштун көркөмдүк сапаты күчөтүлөт. Кала берсе, аталган ыкма - диалектиканын мыйзамынын поэзиядагы көрүнүшү. Жусуп акын бул ыкманы да назиктик, билгичтик менен пайдаланган:

Күн бүркөлсө, булут ыйлап басылар,
Гүлдөр күлүп, күн тийгенде чачылар.

Айтылган тезистен тышкаркы бул саптардан дагы бир ой келип чыгат: жаратылыштын бир бөлүгүндөгү коозсуздук анын башка бир алкактарындагы көңүлсүздүктү, тескерисинче бир чөйрөдөгү көркөмдүк домино эффекти сыяктуу калган бөлүктөрдө көңүлдүү маанайды - кооздукту пайда кылат. Демек, айлана-чөйрөнүн элементтери кооздук да, коозсуздук да бири-бири менен детерминисттик байланышта.

«Куттуу билим» - сейрек учуроочу табылга, анда дидактикалык көркөм каражаттар менен белгилүү ченемдер баяндалган. Миң жыл мурда жашап, эмгектенген бабабыз аң-сезимден тышкары сулуулук менен сонундукту, асылдыкты ажырата билген:

Жүзү эмес, көңүлү сулуу болсун.
Сени дагы тазартат пейли кенен!
Сулууну эңсегендер, шашылбагын,
Кызыл жүзү саргайат акыр анын!

Пикирибизде «көңүл сулуулугу» - асылдык, сонундук, инсандын ички маңызын билдирсе, ал эми «жүзүнүн сулуулугу» - анын тышкы көрүнүшү, формасын билдирет.

Диалектикалык чыгарманын классикалык үлгүсү болгон бул дастанда орто кылымдарда түрк элдерине мүнөздүү болгон адеп-ахлактык жана эстетикалык маселелердин баары камтылган. Ал маселелерге карата автордун көз караштары бүгүн жана эртең да өз маанисин төмөндөтпөстөн, тескерисинче, чыгарманы сүйүп окугандарды тамшандырып, таң калтырган эстетикалык ырахат тартуулап, окурмандардын рухани дүйнөсүн байыткан таасирлүү күчүн арттыра бермекчи. Анткени, адам турмушу түгөнмөйүнчө адамгерчилик сапатты даңктаган улуу идеялар, салттар улана берет. Андай залкар гуманизмди баласагындык бабабыз ачык-айкын, таасын айта кеткендиги кийинки

урпактарды сыймыктандырат жана суктандырат.

Чыгыш перипатетизм эстетикасынын имплициттик мазмунун жана классикалык өбөлгөлөрүн талдоого алган **диссертациянын корутунду бөлүмүндө** изилдөөнүн мазмунунда камтылган конкреттүү-тарыхый ойлом материалдарды жалпылоонун негизинде түзүлгөн төмөнкү концептуалдуу ой-бүтүмдөр, жыйынтыктар жана жоболор чагылдырылды:

1. Эгерде чыгыш перипатетиктери шарттуу түрдө биринчи устаттын окуусуна таянып өздөрүнүн «фалсафа» (арситотелизмдин орто кылымдардагы философиялык үлгүсү) деп аталган оригиналдуу окуусун негиздебегенде классикалык философиянын баштапкы жана байыркы пайдубалы Гегель адилет белгилегендей антикалык доордун урандысында калмак. Европоцентристтик идеянын туткунунан кутула албай «комментаторлук» деп чыгыш ойчулдарынын мурастарына текеберчилик менен мамиле жасоо (чыгыш эли философиялык ой жүгүртүүгө жөндөмсүз деген батышчыл ой пикир) чындыкка коошпойт.

2. Чыгыш перипатетизм эстетикасы физика, метафизика, логика, математика сыяктуу өзүнчө илимий тармак иретинде каралбаганы менен ал орто кылымдардагы аристотелчилердин онтологиясы (айрыкча ырааттуу гармониялык түзүлүштү айкын туюндурган космология) менен тыгыз чырмалышып, синтетикалык-энциклопедиялык мүнөздөгү «философиялык эстетика» (Дүйнө түзүлүш, Адам, Кудай кубулуштарына карата көз карашатардын ажырагыс бөлүгү катары) кудуретине ээ болгон.

3. Орто кылымдардагы негиздүү да негиздүү эмес, схоластикага мүнөздүү «философия дин кызматчысы» (философия служанка религии) деген пикир чыгыш перипатетиктерине ылайык келбейт, тескерисинче, чыгыш ойчулдары үчүн айрым диний маанидеги догмалар алардын тереңинде катылган философиялык сентенциялардын чел кабыкчалары болгон. Ушундан улам фалсафа белгилүү деңгээлде Каламдын өкүлдөрү тарабынан кугунтукка алынган.

4. Антикалык аристотелизмди (анын метафизикасын) жаңы нукта уланткан Чыгыш перипатетизми (Аль-Фараби, Ибн Сина жана Жусуп Баласагын) философия тарыхынын өзгөчө олуттуу этабы катары эстетикалык түшүнүк-категориялардын калыптанып өнүгүшүнө орчундуу салым кошуп, алардын концептуалдык алкактарынын кеңейишин материалдашкан форманын активдүүлүгү аркылуу шарттаган.

5. Чыгыш перипатетизминин эстетикалык ойлорунун өнүгүүсүнүн тарыхый булактары жана өбөлгөлөрү иликтенип, антик маданиятынын, классикалык философиянын, байыркы диний ишенимдердин жана салттуу көчмөн онтологиясынын жуурулушунан турган философемалардын ийкемдүү биримдигин жалпылаган фалсафалык эстетиканын кыйма-чийме татаал табияты аныкталган.

6. «Гармония», «ыргак», «өлчөм», «коздук» ж.б. ушул сыяктуу түшүнүктөрдүн эстетикалык дүрмөт-кудурети такталып, алардын онтологиялык негизи, логикалык түзүлүшү форма менен мазмундун ички карама-каршылыгына жол берилбеген логикалык өз ара алакалар аркылуу талданган.

7. Чыгыш ойчулдарынын философиялык мурастарын дыкаттык менен иликтөөнүн натыйжасында эстетикалык ойлор физикадан кийинки метафизиканын ажырагыс бир бөлүгү экендиги дааналанып, «Адам-Дүйнөнү» биримдигинен турган дүйнө моделин сулуулук, кооздук, гармония, симметрия, пропорция сыяктуу эстетикалык категорияларысыз элестетүү мүмкүн эмес экендиги таасындалган. Ай үстүндөгү, ай астындагы дүйнөнүн, космостун, зарыл негиздин кынтыксыз гармониясы эстетикалык идеалдын көрүнүшү болгон. Акыл эс, анын теориялык жана практикалык катмарлары тааным процессинин ынанымдуу «кооздугунун» негизи жана нарктуулуктун пайдубалы экендигин, «жакшылык» (добро) «сулуулуктун» түздөн-түз көрүнүшү экендигин чыгыш перипатетиктери баса белгилешкен.

8. Жусуп Баласагындын дүйнө таанымынын жана метафилософиясынын негизи - Айлана–чөйрө, Аалам, дүйнөнүн пайдубалы – бири-бири менен өтмө-катар байланыштагы төрт башталма: биринчиси - От, экинчиси - Суу, үчүнчүсү - Аба, ал эми төртүнчүсү - Жер.

- Ойчулдун дүйнө карашынын дагы бир өзгөчөлүгү - Ааламдын модели жөнүндөгү түшүнүм. Негизинен Жусуп ойчулдун космологиялык концепциясы Аристотель-Птолемейдин геоцентристтик теориясы менен үндөш. Бул системанын негизи – Жер Аалам борбору, анын тегерегинде айланып жүргөн жети планета бар деп ырастап, ойчул алардын ар бирине түркчө наам берген. Ошону менен бирге ал асман телолору мыйзам ченемдүү, ырааттуу аралыкта жайгашып, алар ар дайым кыймылда болорун божомолдогон;

- Жусуп Баласагындын чыгармасынын лейтмотиви жана квинтэссенциясы – билим болуп саналат. Ошундуктан да анын гносеологиясы рационалисттик багытта болгон, акылды даңктоо табиятты теориялык жактан иликтөө менен тыгыз байланыштуу экендиги таасындалып, рационалдуулук акыйкаттын өлчөмү экендиги дааналанат. Акыл-эстүү ой тутум – эстетикалык ырааттулуктун белгиси катары кабылданып, натыйжада логика илими өнүгөт. Ал эми логика менен тааныш болуу, аны билгичтик менен колдонуу – нагыз аалымдыктын жана билимдүүлүктүн далили;

- Акын-ойчулдун философиясынын эпистемология жагдайында да бир топ ийгиликтүү идеялар бар. Тышкы дүйнөнү таанып-билүүнүн маңызы, анын келип чыгышын мүнөздөгөн ой-пикирлер арбын. Андагы

ойлорду жалпылаштырып, айлана-чөйрөнү таанып-билүүдөгү акыл-эстин ордун айгинелеген илим-билим адам субъектисинин активдүүлүгү менен байланыштуу экендиги көркөм каражаттар аркылуу туюндурулат. Натыйжада көркөм каражаттар мазмуну боюнча онтологиялык мүнөзгө ээ болуп, формасы боюнча гносеологиялык жана логикалык касиетке эгедер болот;

- Жусуп Баласагындын эстетикалык көз карашынын баалуулугу-анын коомдук болумушка тиешелүү ар түрдүү көз караштарга, ойлорго бай экендигинде гана болбостон, баарыдан мурда ал концептуалдык ойлорду поэтикалык образдар, ар түрдүү көркөм ыкмалар, көркөм табылгалар аркылуу сүрөткердик менен көрсөтө алгандыгында. Анын көркөм ойлоосунда адам сулуулугу менен жаратылыш кооздугунун эриш аркактыгы, айкалышы айгинеленип, инсан сымбаттуулугун көркөм сүрөттөөдө жаратылыш кооздугу эстетикалык онтоүлгү катары пайдаланылат. Демек, ой менен табият киндиктеш, шайкеш. Мындай көз караш–ойлом маданияты, табият таануу, турмуш үйрөнүү менен байланыштуу экендигин далилдеп, эстетикалык кумарды жараткан акылдуулук - табият-турмуш мыйзамын өздөштүрүүнүн натыйжасы экендигин таасындайт;

- Жусуп Баласагын өз заманындагы коомдук-этикалык принциптерди, идеяларды ошол доордун тарыхы, маданияты, дини менен байланыштырып, аларды акыл таразасына салып баалап, нарктап ой толгогон. «Адам деген эмне? Аны жердеги уникалдуу зат деп атаса болобу? Адамдын жаратылышы, маңызы кандай?» деген суроолорго жооп издеген. Ойчулдун пикиринде Адам проблемасы – түбөлүктүү маселелердин бири. Анткени, жашоо чексиз, чексиздиктен тамыралган бул парадигма турмуш өр тарткан сайын жаңы өнүткө ээ боло берет. Ушундан улам чексиздикти чектүүлүк менен толук камтуу мүмкүн эмес. Ушулардын баарын эсепке алган Жусуп Баласагын билим кутун мүнөздөп жатып, жалпы адам эмес, конкреттүү айрым кесип ээлерине токтолгон. Адам өмүрүнүн мааниси жана маңызы, пенде баласынын коомдогу жүрүм-турум нормалары жана милдеттери таасын сүрөттөлүп, философиялык-эстетикалык ойлор менен чулганган. Ошондуктан «Куттуу билимди» адамзатка ар убак рухий-нравалык азык болчу этикалык кодекс катары баалasак болот.

9. Чыгыш перипатетиктеринин жана алардын мурасынан таалим алган акын-ойчулдун дагы бир олуттуу концепттеринин бири – башкаруу эстетикасы, башкача айтканда эл «жакшыларынын» билимге негизделген бийлиги. Татаал турмуш жолунда буюкпай жол табыш үчүн пас болбой бийик, тайыз болбой терең болуш абзел. Билимсиз кадыр күтүү – текебер нарктуулук, билимсиз сактануу – коркоктук, билимсиз айбат – эссиздик,

билимсиз мамиле – оройлук, эгерде мамлекет башчысы улууларды урматтаса, анын эли кичи пейил болот. Билим – калыс, кайрымдуу бийликтин булагы, ал эми калыс, кайрымдуу бийлик – эстетикалык гармониянын туюндурмасы.

10. Биринчи негиз (себеп), субстанция, тело, материя, форма, субстрат, нерсе, кубулуш жана башка болмушту мүнөздөгөн метафизикалык түшүнүк-түшүнүмдөр эстетикалык (логикалык жактан таасын тартиптешкен) касиетке ээ, себеп (биринчи жана андан кийинки) жөнүндөгү концепция «фалсафанын» негизин түзөт; перипатетик-философтордун (файласуф, фалисафа) пикиринде ички максаттуу кыймыл (себеп) менен анын сырткы формасынын дал келиши, айкалышы, мазмундук-формалык ырааттулук – эстетикалык ыргактуулуктун, ырааттулуктун, тутумдаш бүтүндүктүн туюнтмасы.

11. Ай үстүндөгү дүйнө менен ай астындагы дүйнөнүн биримдиги, мүмкүн негиздин зарыл негиз аркылуу башка аркылуу зарыл негизге айланышы жана «физиканын» (табияттын) имманенттүү ыргактуулугу, материя (мүмкүн-негиз) менен пассивдүү эмес активдүү форманын (актуалдашкан материянын) ажырагыс биримдиги космос түзүлүштүн онтологиясы жана эстетикасы.

12. Билбегенин билгени менен башкалардан айырмаланган Сократтын жупуну бирок бийик жобосун улантып, чыгыш перпатетиктери каймана ой жүгүртүүлөрү аркылуу философиянын теологияны адаштырган фалсафалык моделин түздү. Аль-Газалинин теологиялык нуктагы «Төгүндөөнү төгүндөөсү», негизи болгон менен жалпысынан калпыс «комментаторлук» деген европоцентристтик эпитет чыгыш перипатетиктеринин чыныгы тарыхый-философиялык беделине кедерги боло алган жок. Фалсафанын али толук аңдала элек концептуалдык мурасын адекваттуу иликтөө – келечектин милдети.

Орто кылым – чоң жана татаал доор. Анын бай интеллектуалдык жана чыгармачыл жетишкендиктери бар. Бул мезгилди окуп-үйрөнүүчү, изилдөөчү илим – медиевистика али өтө жаш. Демек, орто кылымдагы Чыгыш перипатетизминин чыгармачылыктарын окуп-үйрөнүүчү илимий тармак - ого бетер жаш, кол тие элек. Келечекте улуу ойчулдардын мурастарын изилдеген комплекстүү тармак пайда болот деген оптимисттик ой бар.

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү илимий эмгектерде чагылдырылды:**

1. Исаков К.А. «Кутадгу билигдеги» рационализм жана гноеологиялык теория. [Текст] / К.А. Исаков //*Сб. материалов конференции "Новые векторы развития современного Кыргызстана: социальная мобилизация и добросовестное управление". Вестник ОшГУ №1. - Ош: 2004. - С. 138-141.*

2. Исаков К.А. «Куттуу билимдеги» эстетикалык идеялар. [Текст] / К.А. Исаков //*Сб. материалов международной научной конференции "Индия и Кыргызстан: Взаимодействие цивилизаций". Вестник ОшГУ. Специальный выпуск, часть 1. - Ош: 2004. – С. 44-46.*

3. Исаков К.А. Проблемы деизма и экзистенциализма в «Кутадгу билиг» Юсуфа Баласагунского. [Текст] / К.А. Исаков//*Сб. материалов международной научно-теоретической конференции "Ислам в Центральной Азии". Вестник ОшГУ. - Ош:2004. – С. 239-241.*

4. Исаков К.А. Сущность человека и еӊ философская интерпретация в поэме "Кутадгу билиг" Юсуфа Баласагунского. [Текст] / К.А. Исаков//*Научный журнал Вестник ФерГУ. Республики Узбекистан. - Фергана: 2004. – С. 46-49.*

5. Исаков К.А. «Kutadgubiligdegi» estetikdushunjeler. [Текст] / К.А. Исаков//*Илимий журнал "Bilge" Туркия. - Анкара: 2004. – 79-82 бб.*

6. Исаков К.А. «Куттуу билим» трактатындагы эпикалык парадигмалардын философиялык негиздери. [Текст] / К.А. Исаков//*Монография.- Ош: Б. ж., 2005. – 156 б.*

7. Исаков К.А. Генезис иприрода суфизма. [Текст] / К.А. Исаков//*Вестник ОшГУ. Серия естественных и общественных наук, №4. - Ош:2007. - С. 167-169.*

8. Исаков К.А. Суфизм в системе мусульманской культуры. [Текст] / К.А. Исаков//*Вестник ОшГЮИ. Научно-методический журнал, №1. - Ош:2008. - С. 190-193.*

9. Исаков К.А.Эстетиканын исламга чейинки салттык жана диний формалары. [Текст] / К.А. Исаков//*Монография. - Ош: Б.ж., 2008. - 50 б.*

10. Исаков К.А. Исторические и социальные аспекты суфизма. [Текст] / К.А. Исаков//*Вестник ОшГУ. Серия естественных и общественных наук, №1. - Ош:2009. - С. 203-206.*

11. Исаков К.А. Суфийские концепции и мировоззрение Шихабуддина Сухраварди. [Текст] / К.А. Исаков//*Вестник ОшГУ. Серия естественных и общественных наук, №1. - Ош:2009. - С. 206-207.*

12. Исаков К.А. Поэтикалык искусствонун гуманисттик философемалары. [Текст] / К.А. Исаков//*Монография. - Ош: Б.ж., 2010. - 44 б.*

13. Исаков К.А. «Кутадгу билиг» духовная наследие тюркских народов. [Текст] / К.А. Исаков//*Сб. материалов международного тюркологического симпозиума «Тюркский мир: история и современность». – Астана, 2011. – С. 102-103.*

14. Исаков К.А. Эстетические парадигмы суфизма. [Текст] / К.А. Исаков//*Известия ВУЗов. №8. – Бишкек, 2011. – С. 105-108.*

15. Исаков К.А. «Куттуу билимде» мамлекет башкаруунун социосаясий модели. [Текст] / К.А. Исаков, Н.К. Маражапова//*Известия ВУЗов. №4. – Бишкек, 2012. – С. 66-69.*

16. Исаков К.А. «Куттуу билим» түрк элдеринин рухий-орток мурасы. [Текст] / К.А. Исаков//*Махмуд Кашгари-Барскани атындагы университетинин «Билим жана тарбия». Илимий-педагогикалык журналы. №1 (13) - Бишкек: 2012. – 134-37 бб.*

17. Исаков К.А. «Куттуу билим» орто кылымдардагы рухий-философиялык мурас. [Текст] / К.А. Исаков//*Наука и новые технологии. №5. –Бишкек, 2013. – С. 340 - 342.*

18. Исаков К.А. Суфизм как философская и религиозно-мистическое течение средневекового Востока. [Текст] / К.А. Исаков//*Наука и новые технологии. №5. – Бишкек, 2013. – С. 342 - 345.*

19. Исаков К.А. «Куттуу билимде» мамлекет башкаруунун иерархиялык структурасы жөнүндө. [Текст] / К.А. Исаков//*Известия ВУЗов. №6. – Бишкек, 2013. - С. 75-79.*

20. Исаков К.А. Суфизм в системе мусульманской культуры народов Центральной Азии. [Текст] / К.А. Исаков//*Материалы международной научно-практической конференции «Валихановские чтения-17». Т.1. – Кокшетау, 2013. – С. 9-13.*

21. Исаков К.А. Эстетикалык парадигмалардын эпикалык формалары. [Текст] / К.А. Исаков//*Академиялык альманах. ЭСМАнын илимий-маалымат органы. Илим, билим, тааным журналы. №1. – Бишкек, 2014. - 38-40 бб.*

22. Исаков К.А. Перипатетикалык эстетиканын имплициттик мазмуну. [Текст] / К.А. Исаков//*Монография. - Ош: Б.ж., 2014. - 320 б.*

23. Исаков К.А. Диний эстетикалык түшүнүмдөрдүн исламдык формалары. [Текст] / К.А. Исаков// *Известия ВУЗов. №11. – Бишкек, 2014. - С. 207-209.*

24. Исламдагы искусствонун эстетикалык табияты. [Текст] / К.А. Исаков // *Известия ВУЗов. №11. – Бишкек, 2014. - С. 210-212.*

25. Исаков К.А. Көчмөндөрдүн дүйнө таанымындагы эстетикалык көз караштар. [Текст] / К.А. Исаков// *Известия ВУЗов. №1. – Бишкек, 2015. - С. 179-182.*

26. Исаков К.А. Исламга чейинки салттуу диндердеги эстетикалык түшүнүмдөр. [Текст] / К.А. Исаков// *Известия ВУЗов. №1. – Бишкек, 2015. - С. 186-189.*

27. Исаков К.А. Суфизмдеги искусствонун табияты. [Текст] / К.А. Исаков// *Наука и новые технологии. №2. – Бишкек, 2015. – С. 190-193.*

28. Исаков К.А Диний-мистикалык агымдагы эстетикалык парадигмалар. [Текст] / К.А. Исаков// *Наука и новые технологии. №2. – Бишкек, 2015. – С. 197-200.*

29. Исаков К.А. *Исаков К.А.* Антикалык эстетиканын тарыхый-философиялык мазмуну. [Текст] / К.А. Исаков // *ОшМУнун жарчысы. – Ош, 2015.*

30. Исаков К.А. Эстетиканын Платон-Аристотелдик доктриналары. [Текст] / К.А. Исаков//*ОшМУнун жарчысы. – Ош, 2015.*

31. Исаков К.А. Античная философия как источник кмпилятивно-перипатетической эстетики. [Текст] / К.А. Исаков//*Национальная ассоциация ученых (НАУ). Ежемесячный научный журнал. №6 (11). Ч. 2. – Екатеринбург, 2015. – С. 146-148.*

32. Исаков К.А. Эстетическая гармония в контексте средневекового Восточного перипатетизма. [Текст] / К.А. Исаков//*Национальная ассоциация ученых (НАУ). Ежемесячный научный журнал. №6 (11).Ч. 2. – Екатеринбург, 2015. – С. 148-152.*

33. Исаков К.А. Красота и прекрасное в религиозно-мистическом учении. [Текст] / К.А. Исаков//*Национальная ассоциация ученых (НАУ). Ежемесячный научный журнал. №7 (12).Ч. 3. – Екатеринбург, 2015. – С. 36 -38.*

34. Исаков К.А. Эстетические представления в мировоззрении древних кочевников. [Текст] / К.А. Исаков//*Национальная ассоциация ученых (НАУ). Ежемесячный научный журнал. №9 (14).Ч. 3. – Екатеринбург, 2015. – С. 116 -118.*

35. Исаков К.А. Протоэстетика доисламских религии. [Текст] / К.А. Исаков//*Национальная ассоциация ученых (НАУ). Ежемесячный научный журнал. №9 (14).Ч. 3. – Екатеринбург, 2015. – С. 118 -120.*

36. Исаков К.А. Эстетические взгляды Аль-Фараби (второго учителя). [Текст] / К.А. Исаков //*Сб. ст. по материалам LIV междунар. науч. – пркт. конф. №10 (50). – Новосибирск: Изд. АНС «СибАК», 2015. – С. 25-31.*

37. Исаков К.А. Философско-эстетическая концепция Ибн Сины. [Текст] / К.А. Исаков //*Сб. ст. по материалам LIV междунар. науч. – пркт. конф. №10 (50). – Новосибирск: Изд. АНС «СибАК», 2015. – С. 31-36.*

**Исаков Кубанычбек Абдыкадыровичтин**
**«Чыгыш перипатетизм эстетикасы жана анын тарыхый-философиялык маңызы» аттуу темада 09.00.03 - философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

# РЕЗЮМЕСИ


**Чечүүчү сөздөр:** адаб, гармония, дифирамб, имплицит, калам, калокагатия, катарсис, компилятив, мантра, мимесис, митра, мутазалит, просодия, ренессанс, суфизм, теофония, фатализм, эзотерист, эйдос, экстаз.

**Изилдөөнүн объектиси:** Антик ойчулдарынын жана Чыгыш перипатетизминин ири өкүлдөрүнүн чыгармаларындагы эстетикалык баалуулуктардын жана идеялардын имплициттик мазмуну диссертациялык иштин объектиси катары алынды.

**Диссертациялык иштин негизги максаты** Чыгыш ренессансы менен киндиктеш «Куттуу билим» трактатын эстетикалык парадигмаларын, метафилософиялык субстанцияларын жана орто кылымдардагы чыгыш перипатетикалык эстетиканын имплициттик мазмунун тарыхый-философиялык өңүтүнөн соңку назарияттын нугунда дагы бир ирет эс-акылдын элегинен өткөрүү болуп саналат.

**Диссертациянын теориялык жана методологиялык негизин** тарыхый-философиялык салыштырма, дүйнөлүк философиянын айрыкча классикалык перипатетиктеринин, Чыгыш ойчулдарынын, кыргыз философторунун кыргыз философиясынын жана коомдук ойлорунун тарыхына арналган изилдөөлөрү, эстетика тармагындагы ачылыштар, анын эволюциялык процесстери жана гуманисттик багыттагы жалпы эле илимий эмгектер түздү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** Илимий иште чыгыш перипатетизм эстетикасынын имплициттик мазмунун тарыхый-философиялык анализдөө, орто кылымдардагы Чыгыш ойчулдарынын көз караштарына комплекстүү талдоо жүргүзүү менен, алардын идеялык, поэтикалык жана гуманисттик философемаларын айкындоого аракеттер жасалды.

**Колдонуу боюнча сунуштар:** Диссертацияда берилген корутундулар, тыянактар, сунуштар жана жыйынтыктар философиянын тарыхы, эстетика жана кыргыз философиясынын тарыхы илимдери боюнча жогорку окуу жайларынын жана орто мектептердин окуу программаларын, окуу китептерин түзүүдө, ошондой эле аспиранттар, изденүүчүлөр жана ушул тармак боюнча кызыккандар чыгармачылыгын өркүндөтүү үчүн жана атайын курстарды окутууда пайдаланууга болот.

# Р Е З Ю М Е

**диссертации Исакова Кубанычбека Абдыкадыровича на тему “Эстетика восточного перипатетизма и её историко-философская сущность”, представленной на соискание ученой степени доктора философских наук по специальности 09.00.03 – история философии**

**Ключевые слова:** адаб, гармония, дифирамб, имплицит, калам, калокагатия, катарсис, компилятив, мантра, мимесис, митра, мутазалит, просодия, ренессанс, суфизм, теофония, фатализм, эзотерист, эйдос, экстаз.

**Обьект исследования** – имплицитное содержание компилятивных эстетических ценностей и идей произведений античных мыслителей и крупных представителей восточного перипатетизма.

**Цель исследования –** системный анализ эстетических парадигм, метафилософских субстанций трактата “Кутадгу билиг” (“Благодатное знание”), являющегося идентичным Восточному ренессансу и имплицитного содержания восточной перипатетической эстетики с историко-философской точки зрения в русле современной теории.

**Теоретическую и методологическую основу диссертации** составили историко-философкие исследования и исследования сравнительного характера, посвященные истории мировой философии, особенно, классических перипатетиков, мыслителей Востока, кыргызских философов, кыргызской философии и общественной мысли; научные открытия в области эстетики, их эволюционные процессы, а также общие научные труды гуманистического направления.

**Научная новизна исследования:** В работе проведен историко-философский анализ имплицитного содержания восточной перипатетической эстетики, а также комплексный анализ взглядов мыслителей Востока и сделана попытка определения их идейных, поэтических и гуманистических философем.

**Рекомендации по использованию:** Результаты и выводы, полученные в диссертации, могут быть использованы при составлении учебных программ по истории философии, эстетике и истории кыргызской философии для высших учебных заведений, при разработке спецкурсов в высших и средних профессиональных учебных заведениях, а также учебников для общеобразовательных школ; могут быть использованы аспирантами, исследователями в данной области науки и всеми интересующимися.

## RESUME

## on the dissertation of ISAKOV KUBANYCHBEK ABDYKADYROVICH on the topic "Aesthetics of the Oriental Peripatetism and Its Historical and Philosophical Essence", presented for the degree of Doctor of Philosophical Science on specialty 09.00.03 - History of Philosophy

**Key words:** adab, harmony, dithyramb, implicit, kalam, kalokagathia, catharsis, compilation, mantra, mimesis, mitre, the Mutazalas, prosody, Renaissance, Sufism, teophonia, fatalism, esoterist, eidos, ecstasy.

**The Object of Investigation**– implicit content of compilation aesthetic values and ideas of works of ancient thinkers and outstanding representatives of eastern peripatetism.

**The Purpose of Investigation –** systems analysis of aesthetic paradigms, metaphilosophical substances of the treatise "Kutadgu bilig" ("Beneficial Knowledge"), which is identical to the Oriental Renaissance and implicit content of compilation peripatetic aesthetics from the historical and philosophical point of view in the course of modern theory.

**Theoretical and Methodological Basis of Dissertation are** historical and philosophical studies and researches of comparative character devoted to the history of world philosophy, particularly the classical peripatetics, thinkers of the East, Kyrgyz philosophers, Kyrgyz philosophy and social thoughts; scientific discoveries in the field of aesthetics, their evolution processes as well as general humanistic scientific works.

**Scientific Novelty of the Investigation.** The work contains historical and philosophical analysis of the implicit content of compilation peripatetic aesthetics as well as complex analysis of the views of the thinkers of the East and it was made an attempt to define their ideological, poetic and humanistic philosophy.

**Practical Significance of the Investigation.** The results and conclusions obtained in the dissertation can be used in the preparing of curriculum on the history of philosophy, aesthetics and history of the Kyrgyz philosophy for higher educational institution, in the development of specialized courses in the higher and secondary vocational schools, as well as textbooks for secondary schools; It can be used by post graduate students, researchers in the field of this science and to whom it may be concerned.

Форматы: 60х84/16.    Офсет кагазы.
Көлөмү:3,1  б.т.            Нускасы: 100

---

«Maxprint» басмасында басылды.

МАXPRINT
ИЗДАТЕЛЬСТВО
БАСМАСЫ

Адрес: 720045, Бишкекшаары, Ялта көчөсү 114
Тел.: (+996 312) 36-92-50
e-mail: maxprint@mail.ru